Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюро

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

## ПАРЛАМЕНТТИК ШАЙЛОО
## 2021 - жылдын 28 - ноябры

### ДИАУБдун шайлоого байкоо жүргүзүү боюнча миссиясынын жыйынтыктоочу отчету

**Варшава**
**2022-жылдын 26-майы**

# МАЗМУНУ


I. КЫСКАЧА МААЛЫМАТ .... 1

II. КИРИШҮҮ ЖАНА ЫРААЗЫЧЫЛК БИЛДИРҮҮ .... 5

III. ТҮЗҮЛГӨН АБАЛ ЖАНА САЯСИЙ КОНТЕКСТ .... 5

IV. УКУКТУК НЕГИЗ .... 7

V. ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫ .... 9

VI. ШАЙЛООНУ УЮШТУРУУ .... 10

VII. ШАЙЛООЧУЛАРДЫ КАТТОО .... 13

VIII. ТАЛАПКЕРЛЕРДИ КАТТОО .... 14

IX. ШАЙЛОО ӨНӨКТҮГҮ .... 17

X. ҮГҮТ ӨНӨКТҮГҮН КАРЖЫЛОО .... 19

XI. ЖАЛПЫГА МААЛЫМДОО КАРАЖАТТАРЫ .... 22

A. ЖМК чөйрөсү .... 22
B. Укуктук база .... 23
C. ЖМКнын мониторингинин жыйынтыгы .... 25

XII. УЛУТТУК АЗЧЫЛЫКТАРДЫН КАТЫШУУСУ .... 26

XIII. АРЫЗДАР ЖАНА АПЕЛЛЯЦИЯЛАР .... 26

XIV. ШАЙЛООГО БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ .... 29

XV. ШАЙЛОО КҮНҮ .... 30

A. Шайлоонун ачылышы жана добуш берүү .... 30
B. Шайлоону аяктоо жана добуштарды эсептөө .... 32
C. жыйынтыктарды чыгаруу жана жарыялоо .... 32

XVI. СУНУШТООЛОР .... 34

A. Приоритеттүү сунуштар .... 34
B. Башка сунуштар .... 35

I ТИРКЕМЕ: ШАЙЛООНУН АКЫРКЫ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ .... 37

II ТИРКЕМЕ: ШАЙЛООГО БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ БОЮНЧА ЭЛ АРАЛЫК МИССИЯСЫНЫН БАЙКООЧУЛАРЫНЫН ТИЗМЕСИ .... 38

ДИАУБ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ .... 46

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ПАРЛАМЕНТТИК ШАЙЛОО**
**2021-жылдын 28-ноябры**

**ДИАУБдун Шайлоого байкоо жүргүзүү боюнча миссиясынын жыйынтыктоочу отчету**[1]

## I. КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Кыргыз Республикасынын тиешелүү органдарынын чакыруусунан улам, ЕККУнун Демократиялык Институттар жана Адам Укуктары боюнча Бюросу (ДИАУБ) 2021-жылдын 28-ноябрында өтүүчү парламенттик шайлоого байкоо жүргүзүү үчүн шайлоого байкоо жүргүзүү боюнча миссиясын (ШБМ) ачты. ДИАУБ ШБМ шайлоо процессинин ЕККУнун алдында алынган милдеттенмелерге, демократиялык шайлоо өткөрүү боюнча эл аралык милдеттенмелерге жана стандарттарга, ошондой эле улуттук мыйзамдарга шайкеш келүүсүн баалады. Шайлоо күнүнө байкоо жүргүзүү үчүн, ДИАУБ ШБМга ЕККУнун Парламенттик Ассамблеясынын жана Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясынын делегациялары кошулуп, Шайлоого байкоо жүргүзүү боюнча Эл аралык Миссиясы (ШБЭМ) түзүлдү.

ШБЭМдин 29-ноябрда жарыяланган алдын ала жыйынтыктары жана корутундулары боюнча билдирүүсүндө: «28-ноябрда өткөн парламенттик шайлоо атаандаштык менен өттү, бирок парламенттин күчүн алсыраткан конституциялык өзгөртүүлөр, аларды коштогон шайлоонун негизги аспектилерине жасалган кеңири мыйзамдык түзөтүүлөр, чектелген үгүт өнөктүгү жана шайлоочулардын жалпы көңүлүнүн чөгүшү шайлоого жигердүү катышуусунун төмөндөшүнө алып келди. Жаңы мыйзам демократиялык шайлоо үчүн жетиштүү негизди түзөт, бирок жалпы мыйзамдык база жарандык жана саясий укуктардын чектелиши, бийликти бөлүштүрүүнүн натыйжасында сот бийлигинин көз карандысыздыгынын азайышы менен алсыздаган. Үгүт өнөктүгүнүн жүрүшүндө негизги эркиндиктер жалпысынан сакталып, бийлик "таза" шайлоону камсыз кылуу үчүн саясий эркти көрсөттү; бирок андан улам киргизилген чаралардын катуу аткарылышы талапкерлердин үгүт иштерин этияттык менен жүргүзүүсүнө алып келди. Шайлоочулар кеңири саясий тандоого ээ болуп, шайлоонун техникалык аспектилери шайлоо администрациясы тарабынан натыйжалуу башкарылган. Көпчүлүк ЖМКлар жарыштын катышуучуларынын ишмердүүлүгүн кенен чагылдырышкан жок, ошол эле учурда, Президент менен өкмөттүн күнүмдүк ишмердүүлүгү кеңири чагылдырылып, шайлоочулардын маалыматка негизденип тандоо жасоо мүмкүнчүлүгү чектелүү болду. Шайлоо күнү тынч өтүп, байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участокторунун басымдуу көпчүлүгүндө добуш берүү жакшы уюштурулгандыгы менен, добуштарды саноодо жана жыйынтык чыгаруунун алгачкы баскычтарында олуттуу процедуралык көйгөйлөр байкалган".

Жаңы Конституция 2021- жылдын май айында күчүнө кирген. Башка олуттуу түзөтүүлөрдөн сырткары, ал шайлоо системасын өзгөртүп, парламенттеги мандаттардын санын 120дан 90го азайтып, айрым жарандык жана саясий укуктарды негизсиз чектеп, президентке сотторду дайындоодо ири роль ыйгарды. Толугу менен президенттик башкаруу системасын киргизүү президент Жапаров тарабынан демилгеленген, ал 2020- жылдын октябрында кызматка киришкенден баштап, саясий чөйрөнү олуттуу түрдө калыптандырды. Бул шайлоо негизинен 2020- жылдын октябрында жокко чыгарылган шайлоодон жана коомдук наразылык

[1] Бул отчеттун англис тилиндеги версиясы жалгыз расмий документ болуп саналат. Расмий эмес котормолору кыргыз жана орус тилдеринде жеткиликтүү.

акцияларынан кийин башкаруунун борборлоштурулган формасына карай реформалоо процессинин кезектеги кадамы катары кабыл алынган.

Шайлоонун укуктук базасы 2020- жылдын октябрында конституциялык мандаты аягына чыккан парламенттин кеңири кароосунан өткөн. Шайлоо жарыяланаары алдында бир катар түзөтүүлөр киргизилип, шайлоочулар менен шайлоо органдарынын кызматкерлеринин жаңы шайлоо системасы жана анын жол-жоболору менен таанышуу мүмкүнчүлүгү чектелген. Андан сырткары, мыйзамдарга өзгөртүүлөр демократиялык мыйзам чыгаруу принциптерине толук жооп бербей, укуктук туруктуулукту жана шайлоо процессине кызыкдар тараптардын ишенимине доо кетирген тартипте киргизилди. ДИАУБ жана Венеция комиссиясы буга чейин берген сунуштары реформаларга киргизилген эмес, ал эми айрым учурларда түзөтүүлөр рекомендациялардан алыстап кеткен.

Шайлоо жаңы аралаш шайлоо системасы боюнча өткөрүлдү. Парламенттин мүчөлөрүнүн (депутаттардын) саны 120дан 90го чейин кыскартылды; алардын ичинен 54ү ачык партиялык тизме менен жалпы улуттук шайлоо округунан шайланат. Бул мандаттарды бөлүштүрүү үчүн улуттук шайлоо босогосу 5 пайызды түзөт. Мындан тышкары, 0,5 пайыздык аймактык босого жети облус жана эки шаарда колдонулат. Алынган добуштардын санына карабастан, саясий партия пропорционалдык атаандаштыкта эң көп дегенде 27 мандатка ээ боло алат. Калган 36 депутат бир мандаттуу округдарда (БМО) мажоритардык система боюнча шайланышты.

Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук Комиссиясы (БШК), жаңы түзүлгөн 36 Аймактык шайлоо комиссиялары (АШК) жана 2494 участкалык шайлоо комиссиялары шайлоону мыкты деңгээлде уюштурушту. Шайлоо администрациясынын техникалык мүмкүнчүлүктөрү жана натыйжалуулугу жалпысынан кызыкдар тараптарды канаатандырды. БШК жана АШКлардын жыйындары көп учурда өз убагында жарыяланбай, БШК кабыл алган ченемдик укуктук актылардын басымдуу көпчүлүгү шайлоо убагында веб-сайтта көрсөтүлгөн эмес, бул шайлоонун ачыктыгын төмөндөтүп, кызыкдар тараптарга жеткиликтүү маалыматтын чектелишине алып келген. БШК шайлоого байланыштуу мыйзам бузууларга карата активдүү чара көрдү. Бирок, ага карабастан, даттанууларды карап чыгууда, өзгөчө үгүт иштерине байланыштуу арыздарда, БШК көбүнчө Шайлоо мыйзамынын чектөөчү жана формалдуу чечмелөөнү колдонгон. Жаңы шайлоо системасынын татаалдык көйгөйүн чечүү үчүн БШК кызыкдар тараптардын кеңири чөйрөсүнө багытталган маалымат өнөктүгүн уюштурган, бирок ал бүтүндөй өлкө боюнча бирдей деңгээлде ишке ашырылган эмес.

ДИАУБдун буга чейин берген сунуштарына карабастан, Шайлоо боюнча мыйзам эл аралык стандарттар жана милдеттенмелерге жооп бербей, жасалган кылмыштын оордугуна карабастан, эркинен ажыратылган жана сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп табылган жарандарды шайлоо укугунан ажыратууну улантып келүүдө. Шайлоочуларды каттоонун пассивдүү системасы жалпысынан элди канааттандырды. Шайлоочулардын тизмесине биометрикалык маалыматтарын каттаган 3,6 миллиондой шайлоочу кирди. Бийликтин тынымсыз аракеттерине карабастан, негизинен чет өлкөдө жашаган 290000ге жакын шайлоочу, биометрикалык каттоодон өткөн эмес жана андыктан шайлоо укугунан ажырап калган.

Шайлоо жарышына катышууга 25 жашка толгон шайлоочулар укуктуу. Акыркы мыйзамдык өзгөртүүлөр талапкерлер үчүн билим деңгээли боюнча талапты жогорулатты, бул эл аралык стандарттарга жана милдеттенмелерге карама-каршы келет. Буга чейин берилген ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын сунуштарына карабастан, башка атуулдугу бар жарандар дагы деле шайлоого катыша алышпайт. БШК талапкерлердин тизмесин берген бардык 21 партияны жана БМОдо көрсөтүлгөн 387 талапкердин 321ин инклюзивдүү түрдө каттады. Каттоо

учурунда гендердик квоталар, улуттук азчылыктар, жаштар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн квоталар сакталган, бирок каттоодон өткөндөн кийин квоталарды сактоо боюнча жоболор каралган эмес, бул квоталардын натыйжалуулугун чектеген.

Жакында мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөр пропорционалдык жарышта ат салышкан талапкерлер үчүн 30 пайыздык гендердик квотаны күчөткөнү менен, мажоритардык компоненттин кайрадан киргизилиши парламентте аялдар менен эркектердин бирдей өкүлчүлүгүн камсыз кылуу үчүн учурдагы квота механизмин алсыздатты. ДИАУБ ШБМ үгүт иш-чараларында аялдардын жалпысынан аз көрсөтүлгөндүгүн жана гендердик теңчилик маселелери үгүт өнөктүгүнүн дискурсунда көтөрүлбөгөндүгүн белгиледи. Пропорционалдык жарышта талапкерлердин 36 пайызга жакыны жана БМОлордо 6,5 пайызы гана аялдар болгон. Жаңы парламентте 19 гана аял депутат бар (21 пайыз), алардын бирөөсү БМО аркылуу шайланган. Шайлоону башкарууда аялдардын өкүлчүлүгү жетиштүү болгон.

Шайлоо өнөктүгүндө жалпысынан негизги эркиндиктер сакталды. Мыйзамдык база бардык сынактын катышуучуларына үгүт иштерин жүргүзүүдө бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыздайт. Партиялар жана БМО талапкерлери үгүт жүргүзүү үчүн ар кандай каражаттарды, анын ичинде үйлөрдү кыдырууну, баракчаларды таратууну жана социалдык тармактарды колдонушту. Бийлик “таза” шайлоо өткөрүүгө чакырып, 1-ноябрда жарыяланган президенттин жарлыгы добуштарды сатып алуу жана административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу сыяктуу үгүт өнөктүгүн бузуулардын алдын алды. Бирок, эрежелердин катуу аткарылышы, анын ичинде Улуттук Коопсуздук боюнча Мамлекеттик Коммитет тарабынан ишке ашырылышы, үгүт өнөктүгүн бөгөттөп, үгүт иштеринин эркин жүргүзүлүүсүнө таасир тийгизди.

Шайлоо өнөктүгүн каржылоо боюнча мыйзамдык база белгилүү деңгээлде ачык-айкындуулукту камсыз кылат. Үгүт өнөктүгүн жеке булактардан каржылоого уруксат берилет, мыйзам партиялардын жана талапкерлердин каржылануу булактарына жана чыгашаларына чектөөлөрдү койгон. БШК бардык талапкерлердин кирешелери менен чыгашаларын өзүнүн сайтында жарыялады. Бирок айрым партиялар жана талапкерлер отчеттук талаптарды аткарган эмес. БШК жыйынтыктоочу каржылык отчетторду жарыялаган эмес, бул шайлоо жоболоруна каршы келген. ДИАУБ буга чейин берген сунуштарына карабастан, шайлоо өнөктүгүн каржылоого көзөмөл жетишсиз бойдон калып, өнөктүктү каржылоо эрежелерин бузууларга бөгөт коюучу көп баскычтуу санкциялар каралган эмес.

Конституция сөз эркиндигине, маалыматка жетүүгө кепилдик берип, цензурага жана жалаа жабуу үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартууга тыюу салат. Бирок, айрым мыйзам ченемдери өтө кеңири жана так эмес жазылып, сөз эркиндигин чектөө үчүн потенциалдуу негизди түзөт. БШКнын ЖМКда үгүттөөгө берген чектөөчү аныктамасы жана көптөгөн ЖМКлардын үгүт иштерин чагылдырбоону чечиши жаңылыктарга жана редакциялык чагылдырууга терс таасирин тийгизди. ДИАУБ ШБМ тарабынан көзөмөлдөнгөн көпчүлүк ЖМКлар шайлоонун катышуучулары тууралуу минималдуу гана маалыматты сунуштаган, шайлоочулар үгүт иштери боюнча мамлекеттик телеканалдардагы акысыз эфирдик форматта берилген маалыматтан тышкары маалымат алуу мүмкүнчүлүгүн чектеген. Бир нече онлайн ММКларды эске албаганда, расмий өнөктүк учурунда көзөмөлдөнгөн ЖМКларда критикалык жана аналитикалык репортаж негизинен жокко эсе болуп, шайлоочулардын негиздүү тандоо жасоо мүмкүнчүлүгү чектелген.

БШКга 142 арыз, анын ичинде добуштарды сатып алуу жана административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу боюнча даттануулар келип түшкөн, Комиссия үгүт иштеринин

эрежелерин бузуу боюнча өз убагында 51 эскертүү жасап, айып-пул салган. БШК даттанууларды коллегиалдуу жана ачык-айкын түрдө карап чыгып, ал эми арыз алгандар өз пикирин билдирүүгө мүмкүнчүлүк алган. Бирок, ДИАУБ ШБМ БШК айрым даттанууларды бир топ кечигүүлөр менен чечкендигин белгиледи. Соттордун шайлоого байланыштуу иштер боюнча чечим чыгарууну каалабагандыгы алардын формалдуу негиздерге таянып, арыздарды четке кагуу адатында так көрүндү. Бул 1990-жылдагы ЕККУнун Копенгаген Документинин 5.10-пунктуна карама-каршы келип, шайлоодогу мыйзам бузуулардан натыйжалуу коргоо укугуна шек келтирди. Бардык деңгээлдеги сотторду дайындоодо президенттин жаңы чечүүчү ролу соттордун көз карандысыздыгы менен бийликти бөлүштүрүү принциптерине мындан ары да терс таасир тийгизет.

Шайлоо мыйзамы шайлоо процессинин бардык баскычтарына саясий партиялар, жарандык коом уюмдары, эл аралык байкоочулар, ошондой эле биринчи жолу БМОдогу талапкерлердин өкүлдөрү тарабынан байкоо жүргүзүүнү камсыз кылат. Жарандык байкоочуларды каттоо боюнча БШКнын жобосуна киргизилген акыркы өзгөртүүлөр кооптонууларды жаратып, жарандык коомдун шайлоого байкоо жүргүзүүгө катышуусуна тоскоол боло ала турган талаптарды кошкон. Бул чектөөлөрдөн улам, бир уюм байкоо жүргүзүү укугунан ажыратылган.

Шайлоо күнү тынч өттү, ага шайлоочулардын 34,6 пайызы катышты. ШБЭМ байкоо жүргүзгөн шайлоо участкаларынын 96 пайызында добуш берүү процессине оң баа берди, ошол эле учурда добуш берүүнүн купуялуулугуна байланыштуу көйгөйлөр жана процедуралык мыйзам бузуу учурлары белгиленген. Жалпысынан ачык-айкындуулук камсыз кылынып, байкоо жүргүзүлгөн дээрлик бардык шайлоо участкаларында партиялардын жана жарандардын байкоочулары болушту. Биометрикалык идентификациялоочу жабдыктар жана бюллетень сканерлери көпчүлүк учурларда жакшы иштеди, бирок кээ бир учурларда ШБЭМ тарабынан техникалык мүчүлүштүктөр байкалган. Байкоо жүргүзүлгөн участкалардын үчтөн биринен көбүндө добуштарды эсептөөгө терс баа берилиши тынчсыздануунy жаратат. Көптөгөн УШКлар негизги эсептөө процедураларын аткарышпай, мыйзам тарабынан талап кылынгандай, добуштарды кол менен саноонун ордуна, жыйынтык протоколдорун толтурууда сканердин маалыматын колдонушкан. Процесстин начар уюштурулгандыгынан жана электрондук маалыматтарды киргизүүдөгү көйгөйлөрдөн улам, байкоо жүргүзүлгөн АШКлардын дээрлик жарымында добуштарды эсептөөгө терс баа берилген. БШК добуш берүүнүн деталдаштырылган алдын ала жана акыркы жыйынтыктарын жарыялап, шайлоонун ачык-айкындуулугуна өз салымын кошту. Бирок БШК мандаттарды бөлүштүрүүдө колдонгон формуладагы ката алгачкы баскычта жыйынтыктардын ишенимдүүлүгүнөн күмөн жаратты. Кийинчерээк БШК ал катаны оңдоп, шайлоонун жыйынтыгын 15- декабрда аягына чыгарды.

Бул отчет Кыргыз Республикасындагы шайлоолорду ЕККУнун милдеттенмелерине жана демократиялык шайлоолорду өткөрүү боюнча башка эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүүгө багытталган аракеттерди колдоо боюнча сунуштарды камтыйт. Приоритеттүү сунуштар: мыйзамдык базаны карап чыгууга, шайлоочулардын жана талапкерлердин жигердүү катышуусу үчүн ыңгайлуу чөйрөнү түзүүгө, маалымат каражаттарынын эркиндигин жана жалпы сөз эркиндигинин бекем сакталышын толук камсыз кылууга, БШКнын көз карандысыздыгын бекемдөөгө жана шайлоочулардын кызыкчылыгы үчүн үгүт өнөктүгүнүн эрежелерин так аныктоого жана массалык маалымат каражаттарында кеңири чагылдырууну камсыз кылууга, добуштарды сатып алуу жана шайлоочуларга кысым көрсөтүү маселелерин чечүүгө жана шайлоого байланыштуу талаш-тартыштарды чечүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган. ДИАУБ бул жана буга чейинки отчеттордо камтылган сунуштарды ишке ашырууда өкмөткө жардам көрсөтүүгө даяр.

## II. КИРИШҮҮ ЖАНА ЫРААЗЫЧЫЛК БИЛДИРҮҮ

Кыргыз Республикасынын бийлигинин чакыруусунан улам ЕККУнун Демократиялык Институттар жана Адам Укуктары боюнча Бюросу (ДИАУБ) 2021-жылдын 19- октябрында Шайлоого Байкоо жүргүзүү Миссиясын (ШБМ) түзгөн. Элчи Одри Гловер жетектеген ШБМ Бишкектеги негизги топтун 13 мүчөсү жана 27- октябрда өлкө боюнча жайгаштырылган 26 узак мөөнөттүү байкоочудан түзүлгөн. ДИАУБ ШБМ шайлоодон кийинки окуяларга көз салуу үчүн өлкөдө 8-декабрга чейин болду.

Шайлоо күнү ДИАУБ ШБМга ЕККУнун Парламенттик Ассамблеясынын (ЕККУ ПА) жана Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясынын (ЕКПА) делегациялары кошулуп, алар менен биргеликте Шайлоого Байкоо жүргүзүү боюнча Эл аралык Миссиясы (ШБЭМ) түзүлдү. Питер Жуэль-Йенсен ЕККУнун учурдагы төрагасы тарабынан атайын координатор жана ЕККУнун кыска мөөнөттүү байкоочулар миссиясынын жетекчиси болуп дайындалды. ЕККУ ПА делегациясын Фарахназ Карими, ал эми ЕКПА делегациясын Марина Берлингери жетектеди. ШБЭМге мүчө болгон бардык институттар 2005-жылдагы Эл аралык Шайлоого Байкоо жүргүзүү Принциптеринин Декларациясын жактырган.

Шайлоо күнү 41 өлкөдөн 351 байкоочу, анын ичинде ДИАУБдун 39 узак мөөнөттүү жана 231 кыска мөөнөттүү байкоочусу, ЕККУ ПАнын 55 мүчөсү жана ЕКПАнын 13 мүчөдөн турган делегациясы жайгаштырылды. Байкоочулардын 40 пайызга жакынын аялдар түздү. Шайлоонун ачылышына өлкө боюнча 139 шайлоо участогунда, добуш берүүгө 1256 шайлоо участогунда, добуштарды саноого 123 шайлоо участогунда, жыйынтык чыгарууга 30 Аймактык Шайлоо Комиссияларында байкоо жүргүзүлдү.

ДИАУБ ШБМ шайлоо процессинин ЕККУ милдеттенмелерине жана башка демократиялык шайлоо өткөрүү боюнча эл аралык стандарттарга жана улуттук мыйзамдарга ылайыктуулугуна баа берди. Бул жыйынтыктоочу отчет 29- ноябрда Бишкекте өткөн пресс-конференцияда жарыяланган алдын ала жыйынтыктар жана корутундулар тууралуу билдирүүсүнөн кийин жазылган.[2]

ДИАУБ Кыргыз Республикасынын бийлигине шайлоого байкоо жүргүзүүгө чакыруусу үчүн, Шайлоо жана Референдум өткөрүү боюнча Борбордук Комиссиясына (БШК) жана Тышкы Иштер Министрлигине (ТИМ) көрсөткөн жардамы жана кызматташтыгы үчүн өз ыраазычылыгын билдирет. ДИАУБ ошондой эле мамлекеттик институттардын, саясий партиялардын, жарандык коомдун, жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана эл аралык коомчулуктун өкүлдөрүнө өз пикирин бөлүшкөндүгү үчүн ыракмат айтат.

## III. ТҮЗҮЛГӨН АБАЛ ЖАНА САЯСИЙ КОНТЕКСТ

Акыркы парламенттик шайлоо 2020- жылдын 4- октябрында өткөн, зомбулук жана нараазычылык менен коштолгон ири акциялардан кийин анын жыйынтыгы БШК тарабынан жокко чыгарылган. Аны коштогон белгисиздик мезгилинде мурдагы депутат Садыр Жапаров премьер-министрлик кызматка келген. Ал кездеги президент Сооронбай Жээнбеков кызматынан кеткенден кийин президенттин милдетин аткаруучусу болуп Садыр Жапаров тандалган. Андан бери Жапаров учурдагы саясий чөйрөнү калыптандырып, мамлекеттин саясий жашоосунда башкы ролду ойной баштап, күчтөрдүн тең салмактуулугун олуттуу түрдө өзгөрткөн.

---

2 ДИАУБдун Кыргыз Республикасындагы шайлоо боюнча бардык мурунку отчетторун караңыз .

2020- жылдын октябрынын ортосунан ноябрдын башына чейин, парламент Жапаровдун демилгеси менен президенттин ыйгарым укуктарын кыйла кеңейген президенттик республика каралган Конституциясынын жаңы долбоорун сунуштаган. Мамлекеттик башкаруу формасы боюнча референдум жана аны менен бирге мөөнөтүнөн мурда өткөрүлгөн президенттик шайлоо 2021- жылдын 10- январына дайындалып, ал шайлоодон С. Жапаров жеңип чыккан.[3] Ал эми референдумдун жыйынтыгында башкаруу формасы болуп президенттик республика тандалган.[4] Конституциянын долбоору кызыкдар тараптар менен маңыздуу консультацияларды жана парламенттик талкууларды жүргүзбөстөн, парламент тарабынан тез арада жактырылган. Долбоор боюнча референдум 11- апрелде өткөрүлдү.[5] Жаңы Конституция 5- майда күчүнө кирип, күчтүү президенттик республика түзүлүп, президентке парламенттин макулдугу менен өкмөттүн бардык мүчөлөрүн дайындоо укугу ыйгарылып, парламент депутаттарынын саны 120дан 90 орунга кыскарган[6]. Институционалдык негиздерге, ыйгарым укуктарды бөлүштүрүүгө, жана ошондой эле адам укуктары жана эркиндиктерине байланыштуу бир катар жоболор ДИАУБ менен Укук аркылуу демократия үчүн Европа комиссиясы (Венеция комиссиясы) тарабынан эл аралык стандарттарга жана ЕККУнун милдеттенмелерине жооп бербейт деп бааланган.[7]

Ишин аяктап жаткан парламенттин конституциялык мандаты 2020- жылдын октябрында аяктаган, бирок, мыйзамга ылайык, ал 2021- жылдын июнуна чейин узартылган.[8] Июнь айынан тарта, парламент, башка мыйзамдардын катарында, президенттин жаңы конституциялык ыйгарым укуктарын тартипке келтирүү үчүн бир катар мыйзамдарды кабыл алды.[9] Бул өзгөртүүлөр, коррупция жана мамлекеттик башкаруунун натыйжалуулугу сыяктуу

---

[3] С. Жапаров добуштардын 79,2 пайызына ээ болду. Акыркы президенттик шайлоого шайлоочулардын жалпы катышуусу 39,2 пайызды түздү.

[4] Президенттик республика үчүн шайлоочулардын 81,3 пайызы, парламенттик республика үчүн 10,9 пайызы жана бардык тандоолорго каршы 4,4 пайызы добуш берген. Жарандардын шайлоого жалпы катышуусу 39,1 пайызды түздү.

[5] Добуш бергендердин 79,3 пайызы сунуш кылынган конституциянын текстине ‘ооба’, 13,7 пайызы ‘каршы’ деп добуш берип, 21 шайлоо участкасында добуш берүүнүн жыйынтыгы жараксыз деп табылган. Добуш берүүгө шайлоочулардын 36,7 пайызы катышты.

[6] Жаңы конституция, башка өзгөртүүлөрдөн сырткары, аткаруу бийлигинин башчысынын ыйгарым укуктарын премьер-министрден президентке өткөрүп берип, президенттин бир алты жылдык мандатын эки беш жылдык мөөнөткө алмаштырууну карайт. Конституция ошондой эле президентке мыйзам чыгарууну демилгелөө укугун жана жаңы түзүлгөн 2500 адамдан турган “Элдик Курултайдын” (тарыхый көчмөн элдердин аксакалдарынын салттуу кеңеши) жыйналыштарында сөз сүйлөө укугун берет.

[7] ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын 2021- жылдын мартындагы Конституциянын долбоору боюнча биргелешкен корутундусун караңыз (2021- ж. Биргелешкен корутунду).

[8] Белгилей кетсек, мыйзамда кайрадан шайлоо 2021- жылдын 1- июнунан кечиктирилбестен өткөрүлүшү керек деп белгиленген. 2020- жылдын декабрь айында Жогорку соттун Конституциялык палатасы тиешелүү мыйзамды конституциялык деп тапканы менен, ал мөөнөттүн узартылышын сындап, зарылсыз жана объективдүү шарттар менен негзделген эмес - деп баа берген. Ал парламенттин ишинин мөөнөтүн узартуу учурунда анын ишмердүүлүгү эстүү чектөө принцибине негизделиши керек деп пикирин кошумчалаган.

[9] ДИАУБ ШБМ маектештери болжолдуу 400 мыйзамга, анын ичинде мыйзамдарды кеңири карап чыгууну талап кылган президенттин жарлыгы аркылуу, терс таасир тийгизилди деп эсептешет. «Министрлер кабинети жөнүндө» жаңы конституциялык мыйзамга жараша премьер-министрдин ордуна Президенттин администрациясын жетектеген жана президентке баш ийген министрлер кабинетинин төрагасы коюлат. Ага кошумча, мыйзам президент тарабынан бекитилбеген учурда, өкмөт мүчөлөрүнө каршы кылмыш ишин козгоого тыюу салат, президент ошондой эле өкмөттүн айрым мүчөлөрүн дайындоо жана кызматтан бошотуу укугуна ээ. Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө мыйзам президентке жергиликтүү бийлик өкүлдөрүн дайындоо жана кызматтан бошотуу боюнча кеңири ыйгарым укуктарды берет. Эки мыйзам тең 2021- жылдын октябрындагы шайлоо процессинде кабыл алынган.

коомчулуктун нааразычылыгына алып келген маселелер боюнча чара көрүү үчүн чечкиндүү чечимдерди кабыл алууну талап кылган коомдук маанайга жооп иретинде бийликти консолидациялоого багытталган кадамдар катары кеңири кабыл алынган.[10] Президент Жапаров 29- августта парламенттик шайлоону 28- ноябрга дайындаган.[11] Бул шайлоо көпчүлүк тарабынан мамлекетти башкарууну борборлоштурууга карай кезектеги кадам катары бааланды.

ШБЭМдин маектештери учурда салттуу партиялардын таасири жоголуп, жаңы партиялар пайда болуп, жеке факторлор үстөмдүк кылган саясий чөйрөнүн жиктелишин белгилешти.[12] Көптөгөн маектештер ошондой эле бул шайлоодо алдыдагы бир партия жок болуп, алардын ичинен айрым партиялар көпчүлүктүн оюу боюнча президент менен тыгыз байланышы бар экендигин белгилешти. Президент өз кезегинде эч бир партияны колдобогондугун билдирди.

## IV. УКУКТУК НЕГИЗ

Парламенттик шайлоонун укуктук негизин биринчи кезекте 2021- жылы кабыл алынган Конституция, Президенттик жана парламенттик шайлоолор жөнүндө 2011- жылы кабыл алынган Конституциялык мыйзам (Шайлоо жөнүндө мыйзам), 2021- жылы кабыл алынган БШК жөнүндө мыйзам жана 2011- жылы кабыл алынган Шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзам түзөт.[13] Кыргыз Республикасы демократиялык шайлоону өткөрүүгө байланышкан негизги эл аралык келишимдердин катышуучусу болуп саналат.[14]

Азыркы Конституция кээ бир жарандык жана саясий укуктарды негизсиз чектейт. 2021- жылы ДИАУБ жана Венеция комиссиясы конституциянын долбоорун карап чыгып, бир катар сунуштарды берген, бул сунуштардын бири дагы Конституциянын акыркы текстинде

---

10 Венеция комиссиясы 2020- жылдын ноябрындагы *Конституциялык реформанын негизинде шайлоонун жылдырылышына байланыштуу Amicus Curiae кыска билдирүүсүндө,* Мыйзам чыгаруу бийлигинин ыйгарым укуктарынын мөөнөтү *аяктагандан* кийинки иш мөөнөтүндө парламентке айрым катардагы функцияларды гана аткарууга уруксат берилет, ал эми өзгөчө чараларды, анын ичинде конституциялык реформаларды бекитүүгө жол берилбейт - деп белгилеген.

11 Мандаты аяктаган, 2015- жылы шайланган парламент алты партиядан турган: Кыргызстан социал-демократиялык партиясы (КСДП, 38 мандат), *Республика-Ата Журт* (28 мандат), Кыргызстан партиясы (18 мандат), Бир-Бол (12 мандат), *Ата Мекен* (11 мандат), *Өнүгүү*-Прогресс (10 мандат) жана үч партия тизмелеренине кирбеген депутат.

12 Шайлоого катышкан 21 партиянын бешөөсү (*Ыйман Нуру, Ата Мекен, Бүтүн Кыргызстан, Ордо* жана Социал-демократтар) былтыркы парламенттик шайлоого катышкан. Калган партиялар быйылкы шайлоого биринчи жолу же ребрендингден кийин катышууда. Белгилей кетсек, 2021- жылдын августундагы шайлоо мыйзамына киргизилген өзгөртүүлөр партиялар шайлоо күнүнө кеминде алты ай калганда каттоодон өтүшү керек деген талапты жокко чыгарган.

13 Башка тиешелүү актыларга Саясий партиялар жөнүндө, Тынч чогулуштар жөнүндө мыйзамдар жана шайлоо мыйзамдарын бузуулар үчүн жазаларды караган мыйзамдар кирет. Жаңы кылмыш-жаза кодекси, Кылмыш-жаза процесси жөнүндө кодекс жана Мыйзам бузуулар жөнүндө кодекс 2021- жылдын 1-декабрында күчүнө кирди .

14 Буларга 1966- жылдын Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакты (АСУЭП), 1965- жылдын Расалык басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенциясы, 1979- жылдын Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенциясы жана анын кошумча протоколу, КМШнын Демократиялык шайлоолордун стандарттары, шайлоо укуктары жана эркиндиктери жөнүндө 2002- жылдагы конвенциясы, БУУнун Коррупцияга каршы 2003- жылдагы конвенциясы (БУУ ККК), жана 2006- жылдагы Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын укуктары жөнүндө Конвенция кирет (CRPD).

каралган эмес.[15] Шайлоого байланыштуу башка өзгөртүүлөр менен катар, жаңы Конституция мыйзам чыгаруу органынын өлчөмүн жана президенттин башкаруу мөөнөтүн өзгөртүп, диний жана этникалык негизде саясий партияларды түзүүгө тыюу салып, шайлоочуларга депутаттарды чакыртып алуу мүмкүнчүлүгүн ыйгарып, Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлер үчүн жаш талабын 21 жаштан 25 жашка көтөрүп, президентке сотторду жана шайлоо органдарын дайындоодо чечүүчү ролду берди.

2020- жылдагы парламенттик шайлоонун жыйынтыктары жараксыз деп табылгандан кийин Шайлоо мыйзамына бир нече жолу өзгөртүүлөр киргизилгенине карабастан, ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын сунуштары ал реформаларда эске алынган эмес жана кээ бир учурларда жаңы жоболор мурунку сунуштардан дагы алыстап кеткен.[16] Бир катар сунуштар, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын жана эркинен ажыратуу жазасын өтөп жаткандардын шайлоо укуктарын чектөөгө, үгүт өнөктүгүн каржылоону текшерүү механизмине, шайлоо талаш-тартыштарындагы укуктук статуска жана үгүт иштерин жүргүзүүнүн эрежелерине байланыштуу сунуштар дагы деле каралбай келе жатат. Андан тышкары, айрым өзгөртүүлөр бири-бирине карама-каршы келген мыйзам ченемдеринин пайда болушуна алып келди.[17] Башка айрым жоболор так эмес жазылып, аларды ар түрдүү чечмелөөгө мүмкүнчүлүк түзүлөт, ал эми БШК кээ бир учурларда, атап айтканда, даттануулар боюнча чара көрүүдө жана жарандык байкоочуларды аккредитациялоодо, Шайлоо мыйзамына чектөөчү чечмелөө жасаган ("*Даттануулар менен арыздар* жана *шайлоого байкоо жүргүзүү* бөлүмдөрү менен таанышыңыз" ) .[18]

Президент тарабынан демилгеленген жана алдыга сүрөлгөн шайлоо мыйзамына киргизилген акыркы өзгөртүүлөрдү парламент тездетилген процедура аркылуу кабыл алып, инклюзивдүү жана мазмундуу консультацияларды жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берилген эмес. 26-августта президент башка жоболор менен катар аралаш шайлоо системасын киргизген мыйзамга кол койгон. Жаңы системанын киргизилиши шайлоочуларды жана талапкерлерди каттоо, үгүт өнөктүгүн каржылоо, шайлоону өткөрүү жана шайлоо күнүнүн жол-жоболоруна тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү менен коштолду. Шайлоо мыйзамынын фундаменталдык элементтеринин шайлоо дайындалаарына үч күн калганда өзгөртүлүшү шайлоого кызыкдар

---

15 Мисалы, Конституциянын 10- беренесинин 4- пунктунда “Өсүп келе жаткан муунду коргоо максатында Кыргыз Республикасынын элинин моралдык жана адеп-ахлактык баалуулуктарына, коомдук аң-сезимине карама-каршы келген иш-чаралар мыйзам менен чектелиши мүмкүн” деп жазылган. Венеция комиссиясы менен ДИАУБ 2021- жылдын мартындагы биргелешкен корутундусунун 136-беренесинде бул чектөөнү алып салуу буга чейин сунушталган. Ага кошумча, анда “диний же этникалык белгилери бар саясий партияларды түзүүгө жалпы тыюу салуу тең укуктуулук принциптерине жатпайт” деп белгиленген, ал эми Конституциянын 8.3-беренеси 3-пункту, *башкаларды катарында*, диний жана этностук негизде саясий партияларды түзүүгө тыюу салат.

16 Мисалы, БШКны дайындоо механизмин өзгөртүү БШКнын көз карандысыздыгын бекемдөө боюнча мурдагы сунушка карама-каршы келет. Жаңыланган мыйзам убактылуу турган жерде добуш берүүгө тыюу салып, ички мигранттардын шайлоо укуктарын камсыз кылуу үчүн жетиштүү кепилдиктерди бербейт.

17 “Шайлоо жөнүндө” мыйзамдын 3-беренесинде “Кыргыз Республикасынын жарандары тегине, жынысына, расасына, этностук тиешелүүлүгүнө, майыптыгына, билимине, кызматтык жана мүлктүк абалына, тутунган динине, саясий жана башка ишенимдерине карабастан шайлоого, шайланууга укуктуу” деп айтылганы менен, талапкерлерге шайлоого көрсөтүлүү үчүн коюлган талаптарга жогорку билим киргизилген. Акыркы өзгөртүүлөр шайлоонун администрациясынын жаңы деңгээлин киргизген, бирок алардын курамынын түзүлүшү боюнча эрежелерди камтыган эмес.

18 Мисалы, БШК жарандык байкоочуларды каттоого кошумча талаптарды киргизген; БШКнын үгүт эрежелерин бузуу боюнча айрым чечимдери үгүт иштерине жана сөз эркиндигине тоскоол жараткан.

тараптарга жаңы жоболор менен таанышууга жетиштүү мүмкүнчүлүк берген жок.[19] ШБЭМ акыркы мүнөттөрдө жасалган өзгөрүүлөрдүн терс кесепеттерин добуш берүү жана добуштарды эсептөө процессинде байкаган (*Шайлоо күнүн* караңыз).

*Мыйзамдык база, анын ичинде Конституциянын жоболору, ЕККУнун алдындагы милдеттенмелерге, демократиялык шайлоо өткөрүү боюнча башка эл аралык милдеттенмелерге жана стандарттарга шайкеш келүүсүн камсыз кылуу жана башка аныкталган кемчиликтерди жокко чыгаруу үчүн инклюзивдүү, консультациялар менен коштолгон ачык процесс аркылуу кийинки шайлоого чейин каралып чыгуусу зарыл. Мыйзам жаратуу процесси мыйзамдын үстөмдүгүнүн принциптерине жооп берип, мыйзам чыгаруучулар шайлоо мыйзамдарына тийиштүү консультацияларды талап кылган олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн тездетилген жол-жоболорун колдонуудан алыс болушу керек.*

## V. ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫ

Жаңы кабыл алынган шайлоо системасына ылайык, шайлоочулар 90 депутатты беш жылдык мөөнөткө шайлайт, алардын ичинен 54 депутат ачык партиялык тизме аркылуу жалпы улуттук шайлоо округунда, 36 депутат бир мандаттуу округдарда (БМО) бир айлампалуу көпчүлүк (мажоритардык) системасы боюнча шайланат.

БМОлордо эң көп добуш алган талапкерлер шайланат.[20] Пропорционалдык компонентте мандаттарды бөлүштүрүү үчүн саясий партиялар өлкө боюнча 5 пайыздык, жети облустун ар бириnde жана Бишкек менен Ош шаарларында 0,5 пайыздык босогодон өтүшү керек.[21] Пропорционалдык жарышта бир саясий партия ээ боло алган парламенттик мандаттардын саны 27ден ашпоого тийиш.[22] Бул чектөө мыйзам чыгаруучу органда бир партиянын үстөмдүгүнө жол бербөөгө багытталгандыгы менен, добуштардын тең укуктуулук принцибине шек келтирет. ДИАУБ менен Венеция комиссиясы буга чейин орундарды бөлүштүрүү жоболорун жана ошондой эле кош босогону кайра карап чыгууну сунуштаган.[23]

Акыркы өзгөртүүлөр киргизилгенден кийин БШК 36 БМОнун чектерин аныктады. Мыйзам аймактар боюнча шайлоо укугуна ээ болгон шайлоочулардын саны болжол менен бирдей болушун талап кылат, БМОдо шайлоочулардын саны жалпы улуттук орточо санынан 20%га чейин айырмаланууга уруксат берилет. БШК ДИАУБ ШБМга калктын өлкөнүн ичинде

---

19 Венеция комиссиясынын 2002 - жылдагы Шайлоо маселелери боюнча акыйкат тажрыйбалар кодексинин түшүндүрмө отчетунда: Мыйзамдын туруктуулугу шайлоо процессинин ишенимдүүлүгү үчүн өтө маанилүү, ал эми ишенимдүүлүк өз ирээтинде демократияны бекемдөөдө негизги ролду ойнойт. Тез өзгөрүп туруучу жана өзгөчө татаал эрежелер шайлоочулардын түшүнбөстүгүнө алып келиши мүмкүн. Эң маанилүүсү, шайлоочулар, бул шайлоо мыйзамдары жалгыз гана күчтүүлөрдүн колундагы курал жана шайлоонун жыйынтыгын чечүүдө алардын добуштары чоң мааниге ээ эмес деген, туура же туура эмес тыянак чыгарышы мүмкүн - деп айтылат.

20 Эгерде талапкер шайлангандан кийин кызматынан бошотулуп, мандаты бош калса, эки айдын ичинде ал шайланган округда жаңы шайлоо өткөрүлүүгө тийиш.

21 Нааразычылык акциясынын катышуучулары 2020- жылдын октябрында талап кылгандай, улуттук шайлоо босогосу 7 пайыздан 3 пайызга түшүрүлгөнү менен, алар 2021- жылдын август айында кайрадан 5 пайызга чейин көтөрүлгөн.

22 Эгерде шайлоонун жыйынтыгында партия 27ден көп мандат алса, 27ден ашкан мандаттар талап кылынган босогодон өткөн партиялар арасында кайра бөлүштүрүлөт.

23 Шайлоо мыйзамынын долбоору боюнча 2014- жылдагы биргелешкен корутундунун 15 жана 18-пункттарын көрүңүз.

географиялык жайгашуу өзгөчөлүгүнөн улам сегиз райондогу шайлоочулардын саны республикалык орточо көрсөткүчтөн 15 пайыздан көпкө айырмаланын билдирди.[24]

2008-жылы кабыл алынган Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө мыйзам аялдар менен эркектердин бирдей саясий укуктарын кепилдеп, мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында ар бир жыныстын өкүлчүлүгү 70 пайыздан көп болбоосун талап кылат. Ушундай эле өкүлчүлүк талабы жаңы шайлоо системасынын пропорционалдык компонентинде көрсөтүлгөн. ШБЭМдин айрым маектештери депутаттардын санын кыскартуу, адатта эркек атаандаштарга артыкчылык берген шайлоо системасынын мажоритардык компонентин киргизүү менен айкалышып, аялдардын өнөктүккө жалпы катышуусуна жана алардын парламенттеги өкүлчүлүгүнө терс таасирин тийгизгендигине тынчсызданнуусун билдиришти. Мөөнөтү аяктаган 120 мандаттуу парламентте аялдар 20 гана орунду ээлешкен (17%), ал эми жаңы парламентте, февраль айындагы БМО аркылуу кошумча шайлоодо алынган 1 орунду кошкондо, 19 мандатка (21%) ээ болушту.[25]

## VI. ШАЙЛООНУ УЮШТУРУУ

Шайлоо БШК, 36 аймактык шайлоо комиссиялары (АШК) жана 2494 участкалык шайлоо комиссиялары (УШК), анын ичинде чет өлкөлөрдөгү 59 УШКлар тарабынан уюштурулду.[26] БШК жана УШКлар беш жылга дайындалган туруктуу орган болуп саналат. Ал эми АШКлар ар бир парламенттик шайлоо үчүн убактылуу түзүлгөн орган. Шайлоону башкарууда аялдар жакшы өкүлчүлүккө ээ болушкан, БШКнын төрайымын кошкондо, БШКнын 12 мүчөсүнүн төртөөсүн, АШК мүчөлөрүнүн жарымына жакынын жана УШК мүчөлөрүнүн 70 пайызына жакынын аялдар түзгөн. Улуттук азчылык топтору шайлоону башкарууда, анын ичинде азчылыктар калктын олуттуу бөлүгүн түзгөн аймактарда да аз көрсөтүлгөн.[27]

*Өкмөт улуттук азчылыктардын шайлоо комиссияларында, өзгөчө, алар калктын кыйла бөлүгүн түзгөн аймактарда, жетиштүү өкүлчүлүгүн камсыз кылуу үчүн чараларды көрүшү керек.*

БШК 2021- жылдын 30- июнунда дайындалган.[28] ДИАУБ жана Венеция комиссиясы буга чейин шайлоо мыйзамдарын ишке ашырууга жоопту көз карандысыз калыс орган түзүү максатында БШКнын мүчөлөрүн тандоо жана кызматынан бошотуу процессин кайра карап

---

24 Райондор боюнча чегинүүлөр төмөнкүдөй болду: Аксы (20 пайыз чегинүү), Ак-Суу (17), Ала-Бука (20), Көк-Жар (20), Манас (17), Ноокат (18), Талас шаары (20) жана Төлөйкөн (18). Венеция комиссиясынын Шайлоо иштериндеги акыйкат тажрыйбалар кодексинин 2.2- бөлүмүндө “Уруксат берилген максималдуу нормадан чегинүү... сейрек учурда гана 10%дан көп болушу мүмкүн жана өтө өзгөчө кырдаалдардан (жык отурукташкан азчылыкты коргоо, калкынын саны аз административдик объект) сырткары эч качан 15%дан ашпашы керек…” деп айтылат.

25 БУУнун Аялдарга карата басмырлоо боюнча комитетинин Кыргызстандын бешинчи мезгилдик отчетунун жыйынтыктоочу байкоолорунун 25-26- пунктылары (2021- жылдын 15-ноябры, CEDAW/C/KGZ/CO/5) “аялдар менен эркектердин саясий турмушта тең катышуусуна жетүү үчүн шайлоо мыйзамдарын кайра карап чыгууну, ал үчүн максаттуу чараларды, анын ичинде аялдардын өкүлчүлүгүн мамлекеттик башкаруунун бардык деңгээлдеринде […], өзгөчө чечимдерди кабыл алуу деңгээлинде күчөтүү үчүн квоталарды көбөйтүү сыяктуу, убактылуу атайын чараларды көрүүнү сунуштайт.

26 Чет өлкөдөгү шайлоочулар пропорционалдык шайлоодо гана добуш бере алышат. Добуш берүү 29 өлкөдө уюштурулду.

27 БШКнын маалыматы боюнча, АШК мүчөлөрүнүн 12 пайызы жана УШК мүчөлөрүнүн 17 пайызы улуттук азчылыктардын өкүлдөрү болушкан.

28 БШКнын сегиз мүчөсү жаңы дайындалды. Төрайым кызматын 2016- жылдан бери сактап келе жатат.

чыгууну сунуштаган.[29] Жаңы жол-жоболорго ылайык, учурда БШК мүчөлөрүнүн жарымын президент, калган жарымын парламент сунуштайт.[30] ДИАУБ ШБМдин көптөгөн маектештери жалпысынан шайлоо администрациясынын техникалык мүмкүнчүлүктөрүнө жана натыйжалуулугуна ишеним көрсөтүштү. Айрымдар БШК шайлоого байланыштуу мыйзам бузууларга активдүүрөөк жооп жасап жатканын белгилешти.

*БШКнын көз карандысыздыгын жана калыстыгын жогорулатуу үчүн мыйзамга саясий өкүлчүлүктүн тең салмактуулугун кепилдөөчү түзөтүүлөр киргизилиши керек. БШКны түзүүнүн мурунку моделине кайра кайтууну карап чыгуу сунушталат.*

БШКнын отурумдары байкоочулар жана ЖМКлар үчүн ачык болуп, онлайн режимде көрсөтүлүшү ачык-айкындуулукту жогорулатты.[31] Бирок БШКнын жыйындары көп учурда алар башталаар алдында гана жарыяланган.[32] Мыйзам БШК мүчөлөрүнүн бардык жыйындарга катышуусун талап кылганы менен, БШКнын жоболору видеоконференция аркылуу катышууга да жол берет.[33] ДИАУБ ШБМ байкоо жүргүзгөн БШКнын отурумдарында чечимдер коллегиалдуу түрдө жана жалпысынан бир добуштан кабыл алынган.

Мыйзамга ылайык, БШК 24 сааттын ичинде өзүнүн чечимдерин интернет-сайтында жарыялоого милдеттүү; бирок кээ бир чечимдер, айрыкча даттануулар боюнча кабыл алынган чечимдер, өз убагында коомчулукка жарыяланган эмес. Шайлоо күнүнө чейин бул шайлоо боюнча кабыл алынган 27 чечимдин 8и гана веб-сайтка жарыяланып, ачык-айкындуулукка кедергисин тийгизген. Тактап айтканда, шайлоо күнүнүн жол-жоболору боюнча маанилүү чечим 15- ноябрда кабыл алынып, шайлоо күнүнө чейин жарыяланган эмес, натыйжада айрым шайлоого кызыкдар тараптар маалыматсыз калган.[34] Бул шайлоо үчүн эски жоболордун айрымдарына өзгөртүүлөр киргизилген, бирок алар өзгөртүүлөрдүн жасалгандыгы көрсөтүлбөстөн жарыяланган.[35] Бул кээ бир кызыкдар тараптарга кайсы ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр киргизилгендигин жана ишке киргендигин аныктоодо кыйынчылыктарды жаратты. БШК мындай кечигүүнү анын катчылыгында кадрдык ресурстардын жетишсиздиги менен түшүндүрүп, көпчүлүк көрсөтүлбөгөн чечимдерди шайлоо күнүнөн кийин жарыялады.

---

29 ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын 2021- жылдагы Биргелешкен корутундусунун 111- пунктунда “сунуш кылынган модель азыркы тең салмактуу мамиледен алыстап, БШКны түзүүдө президенттин кеңири катышуусуна алып келет” деп белгиленген.

30 Парламент тарабынан көрсөтүлгөн БШКнын алты мүчөсү *Ата-Журт Кыргызстан*, *Ата Мекен*, *Бир Бол*, *Өнүгүү-Прогресс, Республика* жана КСДП партияларынын өкүлдөрү болушкан. Акыркы түзөтүүлөрдөн мурун президент, парламенттик коалиция жана парламенттик оппозиция БШКнын төрт мүчөсүн сунуштаган.

31 Кийин БШКнын жыйындары БШКнын *YouTube* каналында архивделген. БШК ошондой эле *Telegram* социалдык тармагындагы аккаунту аркылуу шайлоолор боюнча үзгүлтүксүз жана деталдуу жаңылыктар менен жарыяларды бөлүшүп турду.

32 Мисалы, 19 жана 26- октябрдагы отурумдар башталарына 17 жана 8 мүнөт калганда; 20- октябрда отурум башталганга 10 минута калганда, 21- ноябрда башталышынан 3 мүнөт өткөндөн кийин. 24- октябрда отурум аяктагандан кийин гана *Telegram* аккаунтта жарыяланган.

33 БШК мүчөлөрү отурумдарга онлайн жана жеке түрдө катышышыты. Кээде БШКнын айрым мүчөлөрү добуштарын алдын ала WhatsApp социалдык платформасы аркылуу тапшырышкан, бул жоболордо каралган эмес. Талкуу учурунда чечимдин долбооруна өзгөртүүлөр киргизилген учурда, алдын ала берилген добуштар БШК тарабынан эсептелинген эмес.

34 Жарыяланган сегиз жобо талапкерлерди каттоо, жарандык байкоочуларды каттоо, үгүт иштеринин жоболору, БШКнын жумушчу топтору, талапкерлердин добуш берүү тартиби, үгүт иштерин каржылоо эрежелери, партиянын/талапкердин ишенимдүү өкүлдөрүнүн статусу жана шайлоочулар боюнча болгон. Жарыяланбаган жоболор, *башкалар менен катар,* шайлоо комиссияларын түзүү, үгүт иштеринин эрежелери, даттанууларды кароо жана башка маселелерди караган.

35 Мисалы, БШКнын өзгөртүүлөр киргизилген “Байкоочулар жөнүндө” жобосу.

*Буга чейин сунуш кылынгандай, БШК өзүнүн бардык токтомдорун жана чечимдерин мыйзамда каралган мөөнөттө жарыялашы керек.*

АШКлар тиешелүү шайлоо аймагында иштеген аймактык шайлоо комиссияларынын 12ден кем эмес мүчөлөрүнөн түзүлөт.[36] Бардык АШКлар, мыйзамдуу мөөнөттүн чегинде, 12-сентябрга чейин уюшулган.

Мыйзамга ылайык, АШКлар жыйындарды шайлоо мезгилинде жумасына бир жолудан кем эмес өткөрүшү керек. Көпчүлүк АШКлар ДИАУБ ШБМге отурумдарды зарыл болгон учурда гана өткөрүшкөнүн маалымдашты. ДИАУБ ШБМ бир нече жолу АШКлар арасында айкындуулук менен кызматташтыктын жоктугун белгилеген.[37]

УШК мүчөлөрү саясий партиялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан талапкерликке көрсөтүлөт.[38] Саясий партиялар бирге УШКлардын жарымына чейин мүчөлөрүн көрсөтө алганы менен, алар өлкө боюнча 6% гана көрсөтүштү. Бул ДИАУБ ШБМдин айрым маектештери тарабынан жаңы технологияларды киргизүүдөн кийин шайлоо процессинин бүтүндүгүнө болгон ишенимдин жогорулашы, ошондой эле саясий партиялардын адамдык жана финансылык ресурстарынын чектелгендиги менен түшүндүрүлдү.

Бул шайлоого техникалык даярдыктар натыйжалуу жана мыйзамдуу мөөнөттүн чегинде жүргүзүлдү. Төмөнкү деңгээлдеги шайлоо комиссиялары БШК жана жергиликтүү бийлик тарабынан жетиштүү ресурстар жана материалдык-техникалык жардам менен камсыз болгон. БШК төмөнкү деңгээлдеги комиссия мүчөлөрү, биометрикалык идентификациялык жабдуулардын операторлору жана бюллетендерди сканерлөө операторлору үчүн атайын окутууларды жүргүздү. ДИАУБ ШБМ ал катышкан тренингдерге маалыматтуу, практикалык жана интерактивдүү деп баа берди. БШК ошондой эле бардык шайлоо участокторунда көзү начар көргөн шайлоочуларга жардам берүү үчүн шаймандар, алардын ичинде атайын бюллетендер менен камсыз кылды.

Жаңы шайлоо системасы менен бюллетендердин татаалдыгына байланыштуу кыйынчылыктарды чечүү үчүн БШК маалымат өнөктүгүн уюштурду.[39] Ал семинарлар, көрнөк-жарнактар, плакаттар, медиа аянтчалардагы жана мамлекеттик телеканалдардагы түшүндүрүү видеолору аркылуу ишке ашырылып, жаңдоо тили менен коштолгон. Бирок, ДИАУБ ШБМ шайлоочулар алган маалыматттын көлөмү областтан областка айырмалангандыгын байкаган. БШК шайлоочулардын бюллетенди кантип туура белгилөө керек экендигин түшүнбөөсү жараксыз добуштардын санынын көп болушуна алып келгенин билдирди.

---

36 Аймактык шайлоо комиссиялары беш жылдык мөөнөткө дайындалып, шайлоону башкаруу системасынын бөлүгү болуп саналат, бирок парламенттик шайлоону өткөрүүдө атайын ролго ээ эмес. Бул комиссиялардын мүчөлөрүнүн жарымын саясий партиялар, жарымын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары сунуштайт.

37 Байкоочулар менен кызматташуунун жана АШКлардын ачыктыгынын жоктугу Бишкек шаарында, жана ошондой эле Баткен, Чүй, Жалал-Абад, Ош жана Талас облустарында байкалган.

38 УШК кеминде жети мүчөдөн туруп, шайлоо участкасынын өлчөмүнө жараша болот. УШК мүчөлөрү 2020-жылдын январында дайындалган.

39 Маалымат өнөктүгү талапкерлерди каттоо, үгүт иштери, даттануулар жана шайлоо күнүнүн процедуралары сыяктуу темаларды камтыды. Мыйзам боюнча, шайлоо комиссиялары, жана ошондой эле мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары шайлоочуларды өз убагында ишенимдүү маалымат менен камсыз кылууга жоопту.

## VII. ШАЙЛООЧУЛАРДЫ КАТТОО

Шайлоо күнүнө карай 18 жашка толгон жарандар добуш берүүгө укуктуу. Шайлоо мыйзамы, ДИАУБ буга чейин берген сунуштарга карабастан, жасалган кылмыштын оордугун эске албай, эркинен ажыратуу жазасын өтөп жаткандарды жана сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп табылгандарды шайлоо укугунан ажыратат. Бул эл аралык стандарттарга да, милдеттенмелерге да каршы көрүнүш[40].

*Сот аныктаган жазасын өтөп жаткан жарандарды шайлоо укугунан ажыратуу жасалган кылмыштын оордугун эске алуу менен кайра каралып чыгууга тийиш; майыптыктын негизинде шайлоо укугун чектөө жокко чыгарылышы керек.*

Шайлоочуларды каттоо пассивдүү түрдө жүргүзүлөт. Шайлоочулардын тизмелери Калктын бирдиктүү реестринин негизинде Мамлекеттик Каттоо Кызматы (МКК) тарабынан түзүлөт. Шайлоочулардын тизмесине кирүү үчүн бардык 16 жашка жеткен жарандар биометрикалык жарандык каттоодон өтүүгө милдеттүү. ДИАУБ буга чейин өкмөт макулдашылган аракеттерин улантуусуна жана шайлоо укугуна ээ болгон бардык жарандарды, анын ичинде чет өлкөдө жашагандарды, биометрикалык каттоодон өтүүсүнө көмөктөшүүнү сунуштаган. БШКнын маалыматы боюнча, негизинен чет өлкөлөрдө жашаган 290 миңдей жаран, биометрикалык каттоодон өтпөгөндүктөн, шайлоо укугунан ажырап калууда. Ички миграция жөнүндө мыйзамда калктын реестринде жашаган дарегин жокко чыгаруу үчүн бир нече негиздер каралган.[41] ДИАУБ ШБМ маектештеринин көпчүлүгү шайлоочуларды каттоо системасына жалпысынан ишенгендигин билдиришти.

2020- жылы киргизилген түзөтүүлөр шайлоочулардын добуш берүү дарегин өзгөртүү жана убактылуу жашаган жеринде добуш берүү мүмкүнчүлүгүн жойгон. Бул түзөтүүлөр добуштарды сатып алууну алдын алууга багытталганы менен, добуш берүү укугун ишке ашырууну каалаган шайлоочулар үчүн тоскоолдуктарды жаратты.[42] Шайлоодон төрт ай мурун кабыл алынган жаңы мыйзамдык өзгөртүүгө ылайык, БМОдо өткөрүлүүчү шайлоодо добуш берүүнү каалаган шайлоочулар шайлоо күнүнө 90 күн калганга чейин ошол шайлоо округунда жашаган дареги боюнча катталышы керек.[43] БШК шайлоо участкаларында иштеген кызматкерлерге добуш берүү жерлерин өзгөртүүгө мүмкүнчүлүк берди.[44]

МККнын маалыматы боюнча, улуттук идентификациялык маалыматтардын базалары менен туруктуу жана убактылуу даректердин реестринин ортосунда дал келбестиктер бар.

---

[40] МЧАКтын №1 Жалпы комментарийинин 12-беренесинин 48-пунктунда "инсандын чечим кабыл алуу жөндөмү мүмкүнчүлүгү чектелген адамдадрды […] добуш берүү [жана] шайлануу укугун ишке ашыруудан четтетүү үчүн негиз боло албайт" - деп белгиленет. МЧАКтын 29-беренеси менен дагы таанышып чыгыңыз. ЕККУнун 1990- жылдагы Копенгаген Документинин 7.3-пунктунда катышуучу-мамлекеттер "бойго жеткен жарандарга жалпы жана бирдей шайлоо укугу кепилдейт", ал эми 24-пунктунда укуктарды жана эркиндиктерди чектөө "мыйзамдын максатына так пропорционалдуу" болууга тийиш деп айтылат.

[41] Бул Бул көрсөткүч 2021- жылдагы президенттик шайлоого (450 000) салыштырмалуу 36 пайызга азайган .

[42] ДИАУБ буга чейин "бардык шайлоочуларга жүйөлүү негиздер жана шайлоо мезгилинин ичинде бир шайлоочу тарабынан берилген өтүнүчтөрдүн чектелген саны менен добуш берүү дарегин убактылуу өзгөртүүнү талап кылуу укугун берүү маселесин кароону" сунуштаган.

[43] Жалпы улуттук шайлоо округунда добуш берүү үчүн мындай талап каралган эмес.

[44] Мыйзам башка өлкөдө турган шайлоочуларга азыркы жашаган жеринде добуш берүүгө уруксат берет. Белгилей кетсек, мыйзамда каралбаганы менен, БШКнын жобосу шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнө, милиция кызматкерлерине, шайлоочулардын биометрикалык маалыматын идентификациялоо жана сканерлөөчү жабдуулардын операторлоруна жана ошондой эле медициналык кызматкерлерге алар дайындалган шайлоо участогунун шайлоочулардын тизмесине кирүү мүмкүнчүлүгүн берет.

ДИАУБдун буга чейинки сунушуна карабастан, бул маалымат базалары шайкеш келтирилбегендиктен, шайлоочулар даректер реестринде чагылдырылган учурда катталып жашаган дареги боюнча эмес, улуттук IDсиндеги даректери боюнча шайлоо участогуна байланышына алып келди. Бул кээ бир шайлоочулардын кайсы шайлоо участогуна барууну түшүнбөстүгүнө алып келип, шайлоочулардын шайлоо күнүнө чейин кошумча аракеттерди жасоого мажбур кылды. БШК шайлоочулар үчүн шайлоочулардын каттоо маалыматтарын текшерүү жана өзгөртүүлөрдү талап кылуу механизмин киргизгени менен, электрондук системадагы көйгөйлөрдөн улам, бул кызмат бардык шайлоочулар үчүн жеткиликтүү болгон эмес.[45] Бул маселе боюнча шайлоочулар үчүн маалымат шайлоочу кайсы процедураларды аткарышы керек богондугу боюнча жетиштүү деталдарды камсыз кылган жок. Шайлоо күнү ШБЭМ, аты-жөнү тизмеде жок болгондуктан, шайлоо участкаларынан кетирилген шайлоочулардын салыштырмалуу көп санын байкаган.

*Шайлоочулардын тизмелеринин тактыгын жогорулатуу үчүн бийлик органдары даректердин реестри менен шайлоочулардын тизмелеринин ортосунда талаптагыдай маалымат алмашууну камсыз кылуу үчүн кошумча чараларды көрүшү керек.*

Шайлоочулардын акыркы тизмесине 3 миллион 703 миң 420 шайлоочу кирип, анын 52 пайызына жакынын аялдар түзгөн, ал эми 84 миң 128 шайлоочу чет өлкөдө добуш берүүгө катталган.[46] 12- ноябрда аяктаган текшерүү мезгилинде шайлоочулар өздөрүнүн маалыматын УШКларда текшерүү жана оңдоолорду талап кылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан. Шайлоо күнүнөн кийин БШК өз сайтында добуш берген жарандардын фамилиялары менен аттарын жарыялаган. Бул маалымат шайлоо участкаларында да илинип көрсөтүлгөн. Эл аралык алдыңкы тажрыйба шайлоого катышкан шайлоочулардын тизмесин жарыялабоону сунуштайт.[47]

## VIII. ТАЛАПКЕРЛЕРДИ КАТТОО

Шайлоо күнүнө карата 25 жашка толгон, шайлоо укугуна ээ шайлоочулар шайланууга укуктуу. Буга чейин берилген ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын сунуштарына карабастан, башка атуулдугу бар Кыргызстандын жарандары шайлана алышпайт.[48] Шайлоо мыйзамына жасалган соңку өзгөртүүлөр, ошондой эле, эл аралык стандарттарга жатпаган,

---

45 БШК шайлоочулардын тизмелери боюнча маалымат алуу жана өзгөртүүлөрдү талап кылуу үчүн Тизме онлайн сервисин иштеп чыккан. Маалыматын жаңыртууну 700 шайлоочу гана суранган. ДИАУБ ШБМ колдонулган системадагы айрым каталар тууралуу билген. Мисалы, Бишкек шаарынын шайлоочусу добуш берүү дарегин жаңыртуу үчүн *Тизме* аркылуу кайрылган, бирок онлайн кызмат арыз келген учурда иштеген эмес; андан кийин кызмат чет өлкөдө жашаган шайлоочулар үчүн гана жеткиликтүү болуп калган. Натыйжада, шайлоочу тиешелүү УШКга кайрылууга аргасыз болуп, добуш берүү дарегин өзгөртө алган. Бишкектин дагы бир шайлоочусу добуш берүү дарегин тактоо үчүн тиешелүү УШКга кайрылган, бирок шайлоочу чет өлкөдө катталгандыктан, ага ТИМ менен тиешелүү консулдукка кайрылуу сунушталган. Шайлоочу акырында жаңы дарек боюнча каттоодон өттү.

46 Чет өлкөдө катталган шайлоочулардын саны 2020- жылдагы парламенттик шайлоого салыштырмалуу эки эсе көбөйгөн. БШКнын айтымы боюнча, бул онлайн арыз берүү мүмкүнчүлүгүн камтыган каттоо процедурасынын жеңилдиги менен шартталган. Чет өлкөдөгү шайлоочулар жалпы улуттук шайлоо округу боюнча гана добуш берүүгө укуктуу.

47 2002- жылы Венеция комиссиясынын Шайлоо маселелери боюнча акыйкат тажрыйбанын кодексинин 840/2016 Түшүндүрмө Декларациясын көрүңүз.

48 ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын Шайлоо мыйзамдарын бузуу үчүн жазаларга байланыштуу айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча 2020- жылдагы биргелешкен корутундусунун 32-параграфы кош жарандыгы бар жарандардын мамлекеттик кызматтарды ээлөөсүнө чектөөлөрдү азайтуу жана акырында толугу менен жоюу маселесин тийиштүү түрдө кароону сунуштады.

бардык талапкерлер үчүн жогорку билимге ээ болуу талабын киргизди.[49] Сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп табылган жана жоюлбаган соттуулугу бар адамдар шайлануу укугунан ажыратылган. Мыйзам айрым мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди талапкер болуп катталуу үчүн кызматтан кетүүгө же эмгек өргүүсүнө чыгууга милдеттендирет.[50] Бул жобо үгүт өнөктүгү жүргөн учурда административдик ресурсту кыянаттык менен колдонуудан кошумча коргонуу механизми болуп эсептлегени менен, бул мыйзам кайсы кызматтагы адамдарга карата колдонулары кээ бир учурларда түшүнүксүз болгон.[51]

Пропорционалдык компонентке партиялык тизме аркылуу талапкерлерди саясий партиялар гана көрсөтө алат.[52] БМО боюнча талапкерлер саясий партиялар тарабынан же өзүн-өзү көрсөтө алышат.[53] Талапкерлердин тизмесин же талапкерди БМОго каттоо үчүн сынактын катышуучулары тиешелүү түрдө 1 миллион сом (10 500 евро) же 100 000 сом күрөө коюуга милдеттү.[54] Бардык талапкерлерди каттоого БШК жооптуу, ал эми АШКлар БМО боюнча талапкерлердин документтерин кабыл алып, БШКга өткөрүп берүүнү тездетип, аймактардагы БМО талапкерлерин каттоону жеңилдетти.

Мыйзам партиялык тизмелерге катталуу үчүн аткарууга тийиш квоталарды аныктаган. Пропорционалдык компонент үчүн гендердик квота жакында күчөтүлгөн, ага ылайык, талапкерлердин тизмесинде ар бир жыныстагы талапкерлердин саны 30 пайыздан кем эмес болуп, тизмедеги эң аз дегенде ар бир төртүнчү талапкер азыраак көрсөтүлгөн жыныста болушу керек. Акыркы мыйзамдык өзгөртүүлөргө ылайык, аялдар, жетиштүү преференциалдык добуш албай калган учурда да, пропорционалдык компонент аркылуу ар бир партия алган орундардын эң кеминде 30 пайызына ээ болушат.[55] Ар бир партия экиден кем эмес ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды талапкерлердин тизмесине киргизиши керек; алардын бири алгачкы 25 ысымдын ичинде көрсөтүлүшү кажет. Тизмедеги

---

49 Бириккен Улуттар Уюмунун Адам укуктары боюнча комитетинин ЖСУЭПка №25 жалпы комментарийинин 15-пунктунда “шайлоого катышууга укуктуу жарандар билими, жашаган жери, теги же саясий таандыктыгы сыяктуу негизсиз же басмырлоочу талаптар менен чектетилбеши керек” - деп айтылат.

50 Саясий кызматкерлер (депутаттардан башкасы), ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык ишканалардын жана аларга караштуу түзүмдөрдүн жетекчилери талапкер болуп көрсөтүлгөн учурдан тартып кызматын бошотууга тийиш. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар, же жалпыга маалымдоо каражаттарынын кызматкерлери талапкер болуп көрсөтүлгөндөн тартып расмий же кызматтык ыйгарым укуктарын аткарууну токтотот. Кызматтардын тизмеси Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин реестринде көрсөтүлөт.

51 БШКнын маалыматы боюнча, 136 талапкер мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарын бошоткон же эмгек өргүүсүнө чыккан. БШК *Ынтымак* партиясынын тизмесинде көрсөтүлгөн парламенттин азыркы спикери Талант Мамытовду, ал кызматынан кете элек болгондуктан, алгач каттаган эмес. Кийинчерээк бул чечим апелляциялык тартипте жокко чыгарылган (*Даттануулар жана аппеляцияларды* караңыз).

52 ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын 2020- жылдагы Саясий партияларды жөнгө салуу боюнча Биргелешкен колдонмосунун 185- пунктунда: “Көз карандысыз талапкерлер саясий партиялар тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлерге берилген мүмкүнчүлүктөрдү колдонуп, шайлоого катышууга укуктуу болушу керек” - деп айтылат.

53 Партиялар жалпы улуттук шайлоо округунда 54кө чейин талапкерди жана БМОлордо бир талапкерди көрсөтө алат, ал эми көз карандысыз талапкерлер БМОдо гана шайлана алышат.

54 Талапкерлердин тизмесине же БМОдогу талапкерге тиешелүү түрдө 5 пайыз же 1 пайыз добуш алган учурда, күрөө кайтарылып берилет. Шайлоо учурунда 1 евро болжол менен 95 сомго барабар болгон.

55 Шайлоо күнүнөн кийин БШК мандаттарды бөлүштүрүү боюнча жобосуна өзгөртүүлөрдү киргизген, алардын негизинде Альянс партиясында аял талапкерлеринин мандаттарынын санын эсептөөдө тегеректөө колдонулган. Бул өзгөртүү аялдар үчүн 2 эмес, 3 мандат бөлнүшүнө алып келди. “Альянс” партиясы бул өзгөртүүгө каршы арыз жазып, 21- декабрда аппеляциядан кийин Бишкектин административдик соту БШКнын бул чечимин жокко чыгарып, партиядагы 7 мандаттын экөөсүн аял талапкерлерге ыйгарган.

талапкерлердин кеминде 15 пайызы улуттук азчылыктардан, 15 пайызы 35тен жаш болушу керек.[56] Ошол эле учурда, жогорку билим боюнча жаңы киргизилген талап менен талапкерлердин жашына талаптын жогорулашы парламентте жаштардын өкүлчүлүгүн чектейт.

Бардык партиялар талапкерлик квоталарын аткарышып, БШК партиялар тапшырган 21 талапкерлер тизмесинин бардыгын жана БМОдо көрсөтүлгөн 387 талапкердин 321ин инклюзивдүү түрдө каттады.[57] Тизмеде катталган талапкерлердин жалпы саны - 1037, алардын ичинен 372 - аялдар (36 пайыз), ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгендер - 46 (4 пайыз), улуттук азчылыктардын өкүлү болгон талапкерлер - 189 (18 пайыз) жана 35 жашка чейинкилер - 267 (26 пайыз). БМОлордо 20 аял (6 пайыз) жана улуттук азчылыктарга таандык 10 талапкер (3 пайыз) гана катталган.

Бирок мыйзам каттоо аяктагандан кийин квоталардын сакталышына кепилдик бербейт жана шайлоо күнүнө чейин талапкерлердин тизмесин алмаштырууну караштырбайт, андыктан квоталардын натыйжалуулугу төмөндөгөн. Каттоо процесси аягына чыккандан кийин 42 талапкер партиялык тизмеден чыккан, алардын 15и аялдар болгон, натыйжада эки талапкерлер тизмесинде аялдар 30 пайыздан азыраагын гана түзүшкөн.[58]

*Парламентте аялдардын тең укуктуу өкүлчүлүгүнө жетүү үчүн бийлик партиялык тизмелерге талап кылынган гендердик квотаны жогорулатып, каттоодон баштап шайлоо күнүнө чейин квоталардын сакталышын камсыз кылуу үчүн кошумча механизмдерди караштырышы керек. Партиялар гендердик көз карашты партия эрежелерине, саясаттарына жана практикасына кошуу үчүн ички механизмдерди киргизүүсү сунушталат, анын ичинде аял-талапкерлердин санын көбөйтүү, алардын талапкер катары көрсөтүлүшүн колдоо жана аялдарды талапкерлердин тизмелеринде жогору жайгаштыруу жана башка чараларды көрүү мүмкүн.*

БШКга каттоо процессине байланыштуу үч арыз түшкөн.[59] Шайлоо күнүнө аз убакыт калганда БШКга Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитеттен (УКМК) Социал-демократтар жана *Бүтүн Кыргызстан* партияларынын эки талапкеринин каттоого тапшырган билим деңгээли боюнча документтеринин жараксыздыгы тууралуу маалымат келип түшкөн.[60] Билим берүү министрлиги менен биргеликте текшерүү иштери жүргүзүлгөндөн кийин, БШК бул талапкерлердин бирин 24- ноябрда каттоодон четтеткен, бирок апелляциялык тартипте административдик сот бул чечимди жокко чыгарды. 18- декабрда БШК №31 Чүй-Кемин БМОсунда жеңип чыккан талапкер Медетбек Саккараевдин башка мамлекеттин жараны болгондугу тууралуу маалыматтын негизинде каттоодон чыгарды. Талапкердин арызынан

56 Тизмедеги алгачкы 25 орунга үчтөн кем эмес ар бир категориядагы адам кириши керек.

57 Жалпысынан, 31 БМО талапкери шайлоо күрөөсүн төлөбөгөндүгү үчүн, 3 талапкер жогорку билими тууралуу диплом тапшырбаганы үчүн каттоодон четтетилген. Калган талапкерлер каттоодон мурун жарыштан чыгууну чечишкен. Шайлоо күнүнө чейин 38 талапкер, анын ичинде 6 аял БМО боюнча жарышка катышуудан баш тартышты.

58 *Ыйман Нуру* жана *Ордо* партияларынын тизмесинин ар бирине 15тен аял кирген (27,7 пайыз).

59 Бир иш талапкердин дипломун БШКга тапшырбаган партияга тиешелүү болгон. Дагы эки учурда арызданууучулар катталган талапкерлердин, каттоодон четтетүүгө негиз болгон, жоюлбаган соттуулугу бар экендигине каршы чыгып, арыз жазышкан.

60 УКМК аткаруу бийлигинин бир бөлүгү болуп саналат, анын жетекчисин президент дайындайт. 1994- жылы кабыл алынган Улуттук коопсуздук органдары жөнүндө мыйзамга ылайык (акыркы өзгөртүүлөр 2021- жылдын январында киргизилген) күч органдары жеке инсандардын, коомдун жана мамлекеттин коопсуздугун камсыз кылат; чет өлкөлүк атайын кызматтардын жана уюмдардын чалгындоо жана диверсиялык иштерин, жана ошондой эле Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүнө, эгемендигине жана аймактык бүтүндүгүнө мыйзамсыз кол салууларды аныктоо, болтурбоо жана бөгөт коюу боюнча иштерди жүргүзүүгө жоопту.

кийин административдик сот БШКнын чечимин күчүндө калтырган, бирок 28-декабрда Жогорку сот БШКнын талапкерди каттоодон чыгаруусун мыйзамсыз деп таап, БШКнын чечимин жараксыз деп тааныган.

## IX. ШАЙЛОО ӨНӨКТҮГҮ

Расмий шайлоо өнөктүгү 29-октябрда башталып, шайлоо участкалары ачылганга 24 саат калганда, 27-ноябрда аяктады. Мыйзамдык база бардык атаандаштар үчүн үгүт иштерин жүргүзүүдө бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылат, ал эми шайлоо администрациясы анын сакталышына жоопкерчиликтүү. Талапкерлерге, жана ошондой эле алардын жакын туугандарына шайлоо дайындалган учурдан баштап анын жыйынтыктары жарыяланганга чейин кайрымдуулук иштерин жүргүзүүгө жол берилбейт. Үгүт өнөктүгү жүрүп турганда диний темаларды, концерттерди, театрлаштырылган оюн-зоок жана спорттук иш-чараларды колдонууга тыюу салынат. Талапкер партиялар "чынчыл" өнөктүк жүргүзүүгө жана добуштарды сатып алуудан жана административдик ресурсту кыянаттык менен колдонуудан алыс болууга милдеттендирген жүрүм-турум кодексине кол коюшту.[61] Негизинен талапкерлер үгүт иштерин эркин жүргүзө алышты жана негизги эркиндиктер жалпысынан сакталды.[62]

Үгүт өнөктүгү негизинен жеңил жана көйгөйсүз өттү. ДИАУБ ШБМдин бир нече маектештери, активдүү өнөктүктүн жоктугун талкулоодо, парламенттин алсыраган ролун жана шайлоочулардын кайдыгерлигин баса белгилешти.[63] Өкмөт шайлоону "таза" өткөрүүгө чакырды.[64] 1- ноябрда чыгарылган президенттин жарлыгынын УКМК жана башкалар тарабынан катуу аткарылышы шайлоо өнөктүгүндө добуштарды сатып алуу жана административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу сыяктуу мыйзам бузуулардын алдын алды.[65] Ошол эле учурда, бул шайлоого кызыкдар тараптарын жарышка этияттык менен

61 5-ноябрда БШКнын имаратында Жүрүм-турум кодексине кол коюлду.

62 Шайлоого катталган талапкер Равшан Жээнбеков, каттоо жана үгүт өнөктүгү жүрүп жатканда тергөө изоляторунда кармалган, ал үгүт иштерин жүргүзүү үчүн боштондукка чыгаруу өтүнүчү менен кайрылган. Сот анын арызын четке кагып, Кылмыш-жаза процесси жөнүндө кодексинде превентивдүү чараны өзгөртүүгө негиз катары катталган талапкердин статусу каралбагандыгын билдирди. Жээнбековдун жети атаандашы БШКга ага үгүт иштерин жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берүү өтүнүчү менен кайрылуу жиберишкен.

63 2021- жылы айрым жарандар беш шайлоо процессине чейин катышты: башкаруу формасы боюнча референдум менен мөөнөтүнөн мурда өткөрүлгөн президенттик шайлоо (январь), конституциялык референдум жана жергиликтүү кеңештерге шайлоо (апрель), Бишкек, Ош жана Токмок шаарларында жергиликтүү кеңештерге кайра шайлоолор (июль айы).

64 21- октябрда президент Жапаров шайлоо таза, ал эми үгүт иштери кынтыксыз жүргүзүлөөрүнө ниетин билдирди. 1- ноябрда президент шайлоо комиссияларына, мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга үгүт иштерин жүргүзүүдө шайлоо мыйзамдарын так сактоону тапшырган жарлыкка кол койду.

65 9- ноябрда Министрлер Кабинетинин төрагасы мамлекеттик кызматкерлерди шайлоо процессине кийлигишпөөгө чакырып, Ош шаарынын мэрине жана билим берүү министрине сөгүш жарыяланганын, ал эми ОшМУнун ректору, деканы жана үч окутуучусу, *Азаттык* партиясынын 3- ноябрдагы митингине катышуу үчүн студенттерди кысымга алып, административдик ресурсту кыянаттык менен колдонгондугунун негизинде кызматынан бошотулганын билдирди. Ошол эле күнү министрлер кабинетинин төрагасынын орун басары менен УКМКнын төрагасы мамлекеттик кызматкерлер шайлоого кийлигишкен учурда жазага тартыларын убада кылышкан. Президент 14- ноябрда *Facebook* жана *Instagram* баракчалары аркылуу шайлоочулар менен талапкерлерди добуш сатып алуу үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартыларын эскертип, укук коргоо органдарын катуу жана чечкиндүү чараларды көрүүгө чакырды.

мамиле кылууга түртүп, үгүт өнөктүгүнүн чектелүү жүрүшүнө алып келди.[66] БШКнын үгүт жоболорун катуу жана ашыкча формалдуу чечмелөөсү да үгүт иштеринин эркин жүргүзүлүшүнө өз таасирин тийгизди (*Даттануулар жана апелляцияларды* караңыз).

*Үгүт иштерине жана шайлоочулар менен талапкерлердин жигердүү катышуусуна тоскоол болбогон чөйрөнү түзүү үчүн үгүт иштеринин жоболорун ишке ашырууга укук коргоо органдарынын кийлигишүүсү алардын ыйгарым укуктарында так белгиленип, алардан чыкпашы керек.*

ДИАУБ ШБМ добуштарды сатып алуу боюнча бир катар билдирүүлөр жасалгандыгын, алардын көпчүлүгү үй-бүлөлүк тармактар аркылуу болгонун белгиледи. ДИАУБ ШБМга, ошондой эле, талапкердин бирине кандайдыр сандагы добуштарды топтоо максатында мамлекеттик коопсуздук органынын жогорку кызматкери тарабынан коркутуулар жана куугунтуктар тууралуу кабарлар келип түшкөн. БШК шайлоо өнөктүгүн бузуу боюнча 138 маалыматты Ички Иштер Министрлигине (ИИМ) өткөрүп берген, алардын 94ү добуштарды сатып алуу боюнча болгон.[67] ИИМ шайлоо өнөктүгүн бузуу фактылары боюнча билдирүүлөрдү көзөмөлдөп, добуштарды сатып алуунун 21 фактысы боюнча тергөө иштерин жүргүзгөн.[68] Бирок, бул 1990- жылдагы ЕККУнун Копенгаген Документинин 7.7 пунктуна карама-каршы келет,[69] үгүт өнөктүгүнүн жоболорун бузуу фактыларын иликтөөдө жана айрым белгилүү талапкерлерди жана алардын жакындарын суракка алууда УКМК активдүү роль ойногону кээ бир талапкерлерде тынчсыздануу жаратты.[70]

*Добуштарды сатып алуу жана шайлоочуларга басым көрсөтүү маселелерин чечүү үчүн туруктуу чараларды көрүү зарыл, алардын ичинде, шайлоо процессине болгон ишенимди жогорулатуу үчүн жарандык түшүндүрүү өнөктүгүн жүргүзүү сунушталат. Саясий партиялар добуштарды сатып алуу практикасына каршы күрөшүү боюнча милдеттенмелерди чындап кабыл алышы керек.*

Партиялар менен талапкерлердин платформалары жалпысынан саясий классты өзгөртүү зарылчылыгы, коррупцияга каршы күрөш, экономиканы өнүктүрүү, билим берүү, саламаттыкты сактоо жана инфраструктура сыяктуу маселелерге багытталган. Жергиликтүү маселелерге да көп көңүл бурулду. Бирок ДИАУБ ШБМ жарыш инсандык факторго негизделгенин байкап, талапкерлер программа чагылдырган пикирге эмес, өздөрүнүн жеке профилдерине жана сапаттарына басым жасашканын белгилешти. ДИАУБдун Узак мөөнөттүү

---

66 23-октябрда президент Жапаров талапкердин кызыкчылыгын жактаган *акимди* кызматтан бошоткондугун жарыялаган. Муну ДИАУБ ШБМдин көптөгөн маектештери бардык Кыргызстандыктар үчүн эскертүү катары кабыл алышты.

67 2- декабрга карата БШКнын сайтынын маалыматы боюнча. Шайлоо күнү аяктагандан кийин БШК ИИМ тарабынан каралган жана башка кароодогу маалыматтардын абалы жөнүндө тиешелүү маалыматты жаңыртууну улантты.

68 15-28- ноябрга карата ИИМдин сайтынын маалыматы боюнча .

69 15- ноябрда УКМК БМО боюнча талапкер, оппозициялык депутат Дастан Бекешевди (ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адам) жашы жете элек активисттер шайлоо өнөктүгүнө катышкандыгы боюнча арыздын негизинде адвокатсыз төрт сааттык суракка чакырган. 16- ноябрда УКМК БМО талапкери Камчыбек Жолдошбаевдин тууганын добуштарды сатып алуу шеги менен кармады; кийинчерээк ал каттоодон четтетилген. 19- ноябрда талапкер Жаныбек Абиров УКМК жашы жете элек активисттер анын шайлоо өнөктүгүнө катышуусун шектеп, аны суракка чакырганын билдирди.

70 ЕККУнун 1990-жылдагы Копенгаген Документинин 7.7 пункту катышуучу-мамлекеттерди “мыйзам жана мамлекеттик саясат саясий үгүт өнөктүгүнүн партиялар менен талапкерлердин пикирлери жана квалификацияларын бөлүшүүсүн чектебеген, шайлоочуларга алар менен таанышууга жана талкулоого административдик иш-аракеттер, зомбулук же коркутуулар тоскоол жаратпаган, калыс жана эркин шарттарда жүргүзүлүшүн камсыз кылууга” милдеттендирет.

байкоочулары өлкө боюнча байкоо жүргүзгөн өнөктүк иш-чараларында аялдар жалпысынан аз көрсөтүлгөндүгү жана гендердик теңчилик менен улуттук азчылык маселелери өнөктүктүн дискурсунда өзгөчө орун албагандыгы байкалды.

Партиялар жана БМО талапкерлери өлкө боюнча үгүт жүргүзүү үчүн түрдүү каражаттарды колдонушкан.[71] Алар үгүт иштерин чогулуштар, үймө-үй кыдыруу, баракчаларды таратуу, плакаттар, көрнөк-жарнак такталары жана маалымат каражаттарынын бардык түрлөрү аркылуу жүргүзүштү. КОВИД-19 пандемиясы жана ага байланыштуу чаралар үгүт иштердин көпчүлүгүнө тоскоол түзгөн жок.

Бир нече партиялар менен БМО талапкерлери ДИАУБ ШБМга каржылоо боюнча жаңы чектөөлөр жана үгүт иштерине байланыштуу төлөмдөр банктык которуу аркылуу төлөнүшүнө талаптын коюлушу алардын үгүт өнөктүгүн чектеп, жалданган кызматкерлердин санына терс таасирин тийгизгендигин билдиришти. Каржылоо боюнча чектөөлөр жана телекөрүүчүлөрдүн санынын азайышы да партиялардын салттуу маалымат каражаттарында акы төлөнүүчү жарнактарды сатып алуу мүмкүнчүлүгүнө жана каалоосуна таасирин тийгизди. Социалдык тармактар барган сайын популярдуу өнөктүк куралга айланып, сынактын катышуучулары *Facebook*, *Instagram*, *YouTube*, *WhatsApp*, *Telegram* жана *TikTok* сыяктуу платформаларды колдонушкан.[72] Бир катар БМО талапкерлери орток каржы булактарын пайдалануу үчүн партиянын талапкерлери менен бирге үгүт иштерин жүргүзүштү. Бир нече партиялар ДИАУБ ШБМга, өкмөткө оппозицияда болгон талапкерлердин шайлануу мүмкүнчүлүгү төмөн деп эсептешкендиктен, бул шайлоого көп акча ресурстарын бөлүүнү каалабай тургандыктарын билдиришкен. Президенттин үгүт өнөктүгүнө катышуусу саясий жактан ачык болбосо да, өздөрүн түз же кыйыр түрдө өкмөтчүл деп тааныштырган айрым партиялардын сөзүнөн көрүнүп турду.[73]

## X. ҮГҮТ ӨНӨКТҮГҮН КАРЖЫЛОО

Мыйзамдык база шайлоо өнөктүгүн каржылоондо белгилүү деңгээлде ачык-айкындуулукту камсыз кылат, бирок учурда ал жетишсиз бойдон калууда. Андан тышкары, үгүт өнөктүгүн каржылоонун айрым негизги аспектилери дагы деле жөнгө салынган эмес. Үгүт өнөктүгү жеке булактардан каржылана алат, ал эми түздөн-түз мамлекеттик каржылоого уруксат берилбейт.[74] Натуралдык салым катары үгүт же маалыматтык максаттар үчүн басылган,

---

71 ДИАУБ ШБМ төмөнкү аймактарда 65 үгүт иш-чарасына байкоо жүргүздү: Баткен – 3, Чүй – 9, Ысык-Көл – 10, Жалал-Абад – 17, Нарын – 10, Ош – 9 жана Талас облусу – 7. Байкоо жүргүзүлгөн иш-чараларды *Ата Журт Кыргызстан – 9* , *Бүтүн Кыргызстан* – 9, *Эл үмүтү* – 6; *Ишеним* – 4; *Азаттык* – 3; Альянс – 3; *Ата Мекен* – 2; *Улуттар биримдиги*, *Ынтымак, Ыйман нуру* жана *Багыт* – партияларынын ар биринин 1ден иш чара, БМОлордун талапкерлери – 12ни уюштурган. Иш-чаралардын бирөөсү бир нече партиялардын катышуусу менен өткөн.

72 Көпчүлүк партиялар эң популярдуу социалдык түйүндөрдө, атап айтканда, *Facebook* (19) жана *Instagram* (18) тармактарын колдонушкан. Партиялардын жарымына жакыны өз ишмердүүлүгүн бул тармактарда активдүү жайылтышкан, эң көп өз ара аракеттенүүлөрдүн жана видео көрүүлөрдүн санына *Эл үмүтү*, *Ата Мекен* жана Альянстын расмий баракчалары ээ болгон.

73 *Ата-Журт Кыргызстан*, *Ынтымак, Мекенчил Эл, Ишеним*.

74 Акчалай салымдарга, жана ошондой эле чет элдик, мамлекеттик же анонимдүү булактардан, диний жана кайрымдуулук уюмдарынан каржылай жардамга тыюу салынат.

аудио-визуалдык жана башка материалдарды алууга жол берилет.[75] Шайлоо мыйзамы БМО талапкерлер жана саясий партиялардын каржылоо булактарын жөнгө салат[76] жана үгүт фондунун чыгашалары үчүн чектерди аныктайт.[77]

Мыйзамга ылайык, бардык жарыштын катышуучулары өздөрүнүн үгүт салымдарын жана чыгашаларын башкаруу үчүн атайын банктык эсептерди ачышты.[78] Мыйзам бардык чегерүүлөрдү жана чыгашаларды бул банк эсептери аркылуу которууну талап кылат. Жакында киргизилген накталай төлөмдөргө тыюунун салынышы айкындуулукту жогорулатканы менен, ДИАУБ ШБМдин бир нече маектештери накталай каражаттар дагы деле үгүт өнөктүгүнүн чыгымдарын төлөө үчүн колдонулуп жатканын айтышкан.[79] Кээ бир БМО талапкерлери, өзгөчө банк кызматтары кеңири жеткиликтүү эмес аймактарда накталай төлөмдөргө тыюу салуу алардын ишмердүүлүгүн чектегендигин билдиришти.[80] БМОлордо көрсөтүлгөн айрым талапкерлер электрондук төлөмдөр аркылуу каражат чогултушкан.[81] БШК электрондук төлөм тиркемелери дайындалган банк эсептеринен тышкаркы өнөктүктү каржылоо үчүн кыянаттык менен колдонулушу мүмкүн деген кооптонуусун билдирди.[82]

БШК шайлоо өнөктүгүн каржылоону көзөмөлдөйт. Ал өз веб-сайтында бардык жарыш катышуучуларынын үгүт иштеринин кирешелери жана чыгашалары тууралуу маалыматты үзгүлтүксүз жарыялап турган. Бардык атаандашкан саясий партиялар биригип 233 миллион сом (2,4 миллион еврого жакын) алып, 232,3 миллион сом сарпташкан, алардын ичинен беш партия бардык башка партиялардын бириккен чыгашасынан эки эседен көп каражат

---

75 Шайлоо жөнүндө мыйзамдын 62- беренесинин 2- пунктунда натуралдык салым катары үгүт жана маалыматтык материалдарды кабыл алууга уруксат берилет; бирок бул жобо саясий партиялар үчүн гана жарактуу экенин белгилей кетүү керек. БШК ДИАУБ ШБМга натуралдык салымдар рыноктук баага жараша бааланып, жарыштын катышуучуларынын жыйынтыктоочу отчетторунда чагылдырылышы керек экендигин билдирди.

76 БМОлордо көрсөтүлгөн талапкерлердин үгүт иштеринин фондуларын алардын жеке каражаттарынан (150 000 сомго чейин), көрсөткөн саясий партиянын каражаттарынан (1 миллион сомго чейин), жарандардын кайрымдуулук каражаттарынан (бир жаранга 200 000 сомго чейин) жана юридикалык жактар тарабынан (бир уюмга 500 000 сомго чейин) каржылоого уруксат берилет. Саясий партиялардын үгүт фондулары саясий партиянын каражаттарынан (100 миллион сом), талапкерлердин тизмесине киргизилген талапкердин каражаттарынан (1,5 миллион сомго чейин), жарандардын кайрымдуулук каражаттарынан (бир жаранга 200 000 сомго чейин) жана юридикалык жактар (бир субъектке 3 млн сомго чейин) тарабынан каржылана алат.

77 Үгүт төгүмдөрү менен чыгашаларына коюлган чек - улуттук шайлоо округунда ат салган саясий партиялар үчүн 300 миллион сом, ал эми БМОлордун талапкерлери үчүн 10 миллион сом болуп белгиленген.

78 Үгүт каражаттары үчүн эсеп ачуу укугу эки банкка, *РСК* жана *Айыл банкына* берирлген. Банктар БШКга талапкерлердин кирешелери жана чыгашалары тууралуу маалыматты күн сайын берип турушкан.

79 Мисалы, Каракол шаарында (Ысык-Көл облусу) ДИАУБ ШБМ айрым БМО талапкерлери өз активисттерине төлөө жана үгүт жайларын ижарага алуу үчүн накталай акча колдонуп жатышкандыгы тууралуу маалымат алышкан. Кочкор-Ата шаарында (Жалал-Абад облусу) саясий партия ыктыярчылар такси кызматына накталай акча менен төлөшөөрүн билдиришкен.

80 Эл аралык соода башкармалыгынын маалыматы боюнча, калктын 15 пайызы интернет-банкингди, ал эми 40 пайызы банк эсептерин колдонушат.

81 Шайлоого талапкер Бекешев (28- БМО) өзүнүн веб-сайтында төрт банк эсебин жана сегиз электрондук төлөм тиркемесин илип, өзүнүн шайлоо өнөктүгүнө кайрымдуулук салымдарын жасоого чакырды. Ушул сыяктуу эле, талапкер Нурбек Токтакунов (27- БМО) өзүнүн веб-сайтында шайлоочуларды акчалай салымдар аркылуу үгүт өнөктүгүн колдоого чакырып, үч электрондук төлөм тиркемесин жайгаштырган.

82 15- ноябрда БШК накталай жана накталай эмес төлөмдөр аркылуу шайлоо эрежелерин айланып өтүүгө жол бербөө ыкмаларын аныктоо максатында банктардын, каржы институттарынын жана укук коргоо органдарынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен коомдук талкуу өткөрдү.

короткон.[83] БМОлордогу бардык талапкерлер биригип 262,7 миллион сом алып, 245,8 миллион сом сарпташкан.[84]

Партиялар менен БМОдогу талапкерлер шайлоого 10 күн калганга чейин аралык каржылык отчетторун тапшырууга милдеттүү, бирок айрым атаандаштар бул талапты аткарган эмес.[85] Бардык талапкерлер, ошондой эле, шайлоодон 10 күн өткөнгө чейин жыйынтыктоочу каржылык отчетун тапшырышы керек болгону менен, айрым атаандаштар отчетторун жиберишкен эмес.[86] БШК, өзүнүн жоболорун аткарбастан, каржылык отчетторду жарыялаган жок.[87] Үгүт өнөктүгүн каржылоо боюнча жоболордун сакталышын көзөмөлдөө үчүн отчеттор БШКнын аудит тобу тарабынан текшерилет. ДИАУБдун мурунку сунуштарына карабастан, мыйзамдык база текшерүү кандай жүргүзүлүшү керек экендигин алдын ала караштырбайт жана аудиттин жыйынтыктарын жарыялоону талап кылбайт, бул текшерүүнүн жалпы ачыктыгын төмөндөтөт. [88] Партиялар жылдык финансылык отчетту тапшырууга милдеттүү болбогондугу ДИАУБ буга чейин берген сунуштарга каршы келет.[89]

*Маңыздуу көзөмөлдү камсыз кылуу үчүн үгүт өнөктүгүнүн каржылык отчетторуна толук аудит жүргүзүлүшү керек. Мыйзамдык база аудиттин жол-жоболорун, мөөнөттөрүн жана аудиттин натыйжаларын жарыялоону жөнгө салышы керек.*

Мыйзам, башка чаралар менен бирге, үгүт өнөктүгүн каржылоо эрежелерин бузгандыгы үчүн кылмыш жаза чараларын, анын ичине; жазуу жүзүндөгү эскертүүлөрдү же БМО талапкерлерин же талапкерлер тизмесин каттоодон чыгарууну караштырат.[90] Айрым укук бузуулар үгүт жүргүзүү жоболору аркылуу жазаланганы менен, мыйзамда, отчетторду

---

[83] *Ата Журт Кыргызстан* - 35,6 сом, *Ишеним* - 32 миллион сом, *Ынтымак* - 31 миллион сом, Альянс 24 - миллион сом, *Эл үмүтү* 19 - миллион сом сарптаган.

[84] 54 БМОнун 22синде өздөрүнүн БМОсунда эң көп акча сарптаган талапкерлер шайлоодо жеңишке жетишти.

[85] 2 партия менен 88 БМО талапкери аралык каржылык отчетторун мыйзам талап кылган мөөнөттө тапшырган эмес, бирок БШКнын кийлигишүүсүнөн кийин бардык отчеттор жиберилген. 25- ноябрда БШК 1 саясий партияга жана 23 БМО талапкерине отчеттуулук талаптарын аткарбагандыгы үчүн жазуу жүзүндө эскертүү чыгарган.

[86] 282 БМО талапкеринин 177си жана 21 талапкер партиянын 18и белгиленген мөөнөттүн ичинде жыйынтыктоочу финансылык отчетторун жана кошумча документтерди жиберишкен.

[87] БУУнун ККСынын 7.3-беренесинде "шайлоого катышкан талапкерлерди каржылоонун тазалыгын жогорулатуу үчүн... тиешелүү мыйзамдык жана административдик чараларды көрүү" сунушталат. БШКнын жобосу каржылоо булактарын ачык көрсөтүүнү талап кылат.

[88] ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын Саясий партияларды жөнгө салуу боюнча 2020- жылдагы биргелешкен колдонмолосунун 278- пунктунда: "[…] мыйзамда текшерүү процессинин бардык кадамдары так көрсөтүлүшү керек" деп айтылат. Үгүт өнөктүгүн каржылоого байкоо жүргүзүү боюнча ДИАУБдун колдонмосунун 6- бөлүмү менен таанышып чыгыңыз. БШК 2021- жылдагы президенттик шайлоо боюнча аудиттин жыйынтыгын жарыялаган жок.

[89] ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын саясий партияларды жөнгө салуу боюнча 2020- жылдагы биргелешкен колдонмолорунун 265- пунктунда: "Саясий партиялар үгүт өнөктүгүнөн тышкары убакта эң аз дегенде жыл сайын тиешелүү жөнгө салуучу органга каржылык отчетторун тапшырууга милдеттүү" деп айтылат.

[90] Кылмыш-жаза кодексинде "Үгүт өнөктүгүн каржылоо эрежелерин бузуу" жана "Шайлоо мезгилинде акча каражаттарын мыйзамсыз пайдалануу" үчүн жаза чаралары каралган. Жеңил укук бузуулар жөнүндө кодекси менен бузуулар жөнүндө кодексте бул маселе боюнча так жоболор келтирилген эмес .

тапшырбоо сыяктуу, үгүт иштерин каржылоого байланыштуу мыйзам бузуулар үчүн атайын санкциялар каралган эмес.[91]

*Мыйзамдык база шайлоо өнөктүгүн каржылоо эрежелерин бузгуулар үчүн көп баскычтуу, пропорционалдуу жана бөгөт коюучу административдик жаза чараларын карашы керек.*

## XI. ЖАЛПЫГА МААЛЫМДОО КАРАЖАТТАРЫ

### A. ЖМК ЧӨЙРӨСҮ

ЖМК чөйрөсү ар түрдүү болуп, бир нече көз карандысыз маалымат булактарын камтыйт. Телеберүү учурда, айрыкча айыл жерлеринде, саясий маалыматтын негизги булагы бойдон калууда, ошол эле учурда онлайн ЖМКлар менен социалдык тармактардын таасири да күчөп баратат. Коомдук телерадиокомпания (*КТРК)* эң көп чагылдырууга жана көрүүчүлөргө ээ. Президент тарабынан 2021- жылдын февраль айында демилгеленген кеңири масштабдуу мыйзамды кайра кароонун жүрүшүндө киргизилген сунушта *КТРКнын* статусу коомдук эмес, мамлекеттик болуп өзгөртүлүп, мындан улам анын башкаруучуларын президент тарабынан дайындалуусу каралат.[92]

ЖМК чөйрөсү, бир бөлүгүн онлайн платформалар ээлеген, жарнама рыногунун чакандыгы менен мүнөздөлөт. Жарнама рыногу КОВИД-19 пандемиясынан улам дагы кичирейген. Жалпылап алганда, каржылоонун жетишсиздиги жана өнүкпөгөн кесипкөй журналисттик стандарттар көп учурда белгилүү бир көз караштагы чагылдыруу үчүн төлөмдөрдү күтүү практикасына алып келет. Жеке ММКлар адатта эл аралык донорлорго же ээлеринин каржылык салымына таянышат, алар көбүнчө саясатка тиешеси бар адамдар катары кабыл алынат.[93]

Бир катар ДИУБ ШБМ маектештери парламенттен же айрым министрликтерден маалымат алуунун татаалдыгын белгилешти. Алар, ошол эле учурда, УКМКнын ишмердүүлүгүнө байланыштуу тынчсызданууларын билдиришкен, Коопсуздук Комитети өткөн жылы бир нече ЖМК адистери жана бейөкмөт уюмдардын (БӨУ) өкүлдөрү менен байланышып, шек жаратат деп тапкан негиздер боюнча аларды бейрасмий суракка чакырышкан. Жалпыга маалымдоо каражаттарына байланыштуу мыйзамдардын таксыздыгы (төмөндө көрсөтүлгөн *Мыйзамдык базаны* караңыз) жана бул сыяктуу укук коргоо ыкмаларын колдонуу бара-бара өзүн-өзү цензуралоого алып келип, терең иликтөө жана сынчыл журналистикага терс таасирин тийгизди.

---

91 ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын Саясий партияларды жөнгө салуу боюнча 2020- жылдагы биргелешкен колдонмосунун 281- пунктунда: “[ж]азык санкциялары коомдук бүтүндүккө шек келтирген же улуттук коопсуздукка коркунуч жараткан олуттуу укук бузуулар үчүн каралганы менен (мисалы, чет элдик каржылоо учурунда), ага кошумча партиялар акча каражаттарын мыйзамсыз алган же пайдаланган учурларда гана эмес, ошондой эле жеке инсандар тарабынан мыйзам бузуулар үчүн да колдонулуучу бир катар административдик жаза чаралары болушу керек - деп айтылат.

92 29-октябрда жергиликтүү ЖМКлар менен жеке адистер, *башкалардын катарында,* телерадиокомпаниялардын Байкоочу кеңешин жоюп, башкаруучуну дайындоо укугун парламенттен президентке өткөргөн бул сунушка каршы чыгышты.

93 Мисалы, мамлекеттик реестр боюнча, *7-канал* менен *Регион ТВ* УКМКнын жетекчиси Камчыбек Ташиевдин бир тууганы Казыбек Ташиевге таандык. *Next TV телеканалынын* ээси шайлоого талапкер Жээнбековдун уулу Азат Жээнбеков. Данияр Мырзаев *НТС телеканалынын* расмий ээси болуп эсептелгени менен, анын чыныгы ээси экс премьер-министр жана *Республика* партиясынын мурдагы башкаруучусу Өмүрбек Бабанов экени жалпы коомчулукка белгилүү факт.

*ЖМКнын эркиндиги бекем сакталууга тийиш. ЖМК кызматкерлеринин иш шарттарында сөз эркиндиги камсыз болушу үчүн маалыматка жетүүдөгү негизсиз чектөөлөргө жана журналисттердин ишмердүүлүгүнө кийлигишүүгө жол берилбеши керек.*

## B. Укуктук база

Конституция сөз эркиндигине жана маалыматка жетүүгө кепилдик берип, цензура менен жалаа жабуу үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартууга тыюу салат. Бирок анда сөз эркиндигин чектөө үчүн потенциалдуу негиз түзө алган өтө кеңири жана бүдөмүк жоболор да камтылган.[94] Ошондой эле, 2021-жылы кабыл алынган “Так эмес (жалган) маалыматтан коргоо” жөнүндө мыйзамда ЕККУнун басма сөз эркиндиги боюнча өкүлү (БСЭӨ) 2020-жылы сөз эркиндигин олуттуу чектеген аныксыздыгы үчүн сындаган версиясы сакталган.[95] Кылмыш-жаза кодексинде дагы деле “расалык, диний же аймактар аралык кастыкты козутууга” тыюу салган жоболор бар, аларды кеңири чечмелөө акыркы жылдар ичинде бир катар веб-сайттарга бөгөт коюуга жана блогерлерди кармоого алып келген.[96]

*Сөз эркиндигин чектөө үчүн мүмкүнчүлүк түзүү максатында колдонула ала турган өтө кенен жана анык эмес жоболорду жоюу үчүн, Конституцияга, Кылмыш-жаза кодексине жана жалпыга маалымдоо каражаттарына тиешелүү башка мыйзамдарга, буга чейин ДИАУБ жана Венеция комиссиясы берген сунуштарына ылайык, түзөтүүлөр киргизилиши керек.*

Мамлекет тарабынан каржыланган ЖМКлар БШК 30-октябрда өткөргөн лотереясы аркылуу атаандаш партиялар үчүн (эки улуттук ТРК: *КТРК* жана *ЭлТР)* жана БМОдогу жеке талапкерлер үчүн (аймактык борборлордо жайгашкан сегиз телерадиокомпания) бекер эфир убактысын бөлүп беришти.[97]

94 ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын 2021- жылдагы биргелешкен корутундусунун 140-параграфында өсүп келе жаткан муунду коргоого же Кыргыз Республикасынын элинин моралдык-этикалык баалуулуктарына жана коомдук аң-сезимине шилтемени толугу менен алып салууну сунуштады. Булар сөз эркиндигин жана ЖМКларды (мүмкүн башка эркиндиктерди) чектөө үчүн потенциалдуу негиз катары колдонулушу мүмкүн болгондуктан жана аларга өтө кенен жана так эмес түшүндүрмө берилгенидигинен юридикалык аныктык принципине жооп берүүсү татаал көрүнөт.

95 ММЭӨ өзүнүн 2020- жылдын июнь айындагы билдирүүсүндө: Түшүнүксүз юридикалык аныктамалар ММКларга жана социалдык медиа колдонуучуларына алардын иштеринин ыктымал терс натыйжасын алдын ала көрүү үчүн зарыл болгон юридикалык аныктуулукту камсыз кыла албайт, - деп тынчсызданууусун билдирди. Мындан тышкары, так механизм жана тийиштүү процесс жок болгон учурда, ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан онлайн-контенттин жөнгө салынышы, сөз эркиндигин олуттуу чектөөгө алып келиши мүмкүн.

96 ММЭӨ өзүнүн 2021- жылдын октябрындагы *билдирүүсүндө* “Бириккен Улуттар Уюмунун Универсалдуу мезгилдүү серебинин сунуштары Кылмыш-жаза кодексинин расалык, этникалык, диний жана башка кастыкты козутуу боюнча 313-беренесин Бириккен Улуттар Уюмунун Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык пактынын 19 жана 20-беренелерине ылайык карап чыгууга багытталган” деп белгиледи.

97 Шайлоо мыйзамынын 24-беренесинин 9-пунктунда “Чүчүкулак тартуу талапкерлерди каттоо аяктагандан кийин, добуш берүү күнүнө чейин 35 календардык күндөн кечиктирилбестен өткөрүлүшү керек” деп белгиленет. Бирок, 61-беренеге (1, 3) ыйлайык талапкерлерди каттоо добуш берүү күнүнө 30 күн калганда аяктагандыктан, муну толугу менен ишке ашыруу мүмкүн эмес. Жыйынтыгында чүчүкулак шайлоого 29 күн калганда өткөрүлдү.

Акысыз эфирдик убакыт форматына талапкерлердин же партиялардын өкүлдөрүнүн жеке билдирүүлөрү жана биргелешкен дебаттар кирген. Дебаттардын аймактык деңгээлде биринчи жолу уюштурулушу жагымдуу өзгөрүү болду.[98]

БШК тарабынан акы төлөнүүчү жарнама убакыты менен мейкиндигин сунуштоо үчүн бардыгы 243 ЖМК аккредитацияланган.[99] Жарышка катышкан партиялардын жарымына жакыны жана бир нече жеке талапкер бул мүмкүнчүлүгүн пайдаланса, калгандары түрдүү социалдык тармактарда үгүт иштерин жүргүзүүнү туура көрүшкөн. Мамлекет тарабынан каржыланган *КТРК* жана жеке *7-канал* жаңылык программалары учурунда акы төлөнгөн жарнамаларды көрсөтүшкөн, бул саясий прораммаларды өткөрүү боюнча жакшы тажрыйбага жатпайт.[100]

*Акы төлөнүүчү саясий жарнактарды жаңылык жана актуалдуу программалар учурунда көрсөтүүгө тыюу салынышы керек. Жарнакты сатып алуу үчүн ММКны тандоо аккредитациядан алдын ала шартталбашы керек; мындай талап жокко чыгарылышы же ЖМКнын жарнак шарттарын БШКга ыктыярдуу берүү менен алмаштырылышы кажет.*

Шайлоо мыйзамы ЖМКлардан шайлоонун катышуучуларына бирдей мамиле кылуусун талап кылат, акысыз эфирдик убакытта, анын ичинде дебаттар учурунда башка талапкелерди сындоого тыюу салат жана мыйзам бузуулар орун алган учурда БШКга акы төлөнүүчү жарнактар үчүн ЖМКнын аккредитациясын жокко чыгарууга уруксат берет. Маалымат берүү жана үгүт иштерин жүргүзүү боюнча Жумушчу топ БШК тарабынан анын консультациялык тобу катары, жалпыга маалымдоо каражаттарына жана шайлоого катышуучулардын үгүт эрежелерин сакташына көз салуу үчүн түзүлгөн. ДИАУБ ШБМ байкоо жүргүзгөн отурумдарда жумушчу топ арыздардын көбүн (бардыгы 83 арыз) маанилүүлүгү боюнча талкуулады.[101] Айрым учурларда Жумушчу топтун мүчөлөрү шайлоого катышуучуларды чагылдырууну үгүт катары эсептешкен. ДИАУБ ШБМдин бир нече маектештери БШКнын мыйзамды чектелүү жана тар чечмелөөсү (Да*ттануулар жана апелляцияларды* караңыз*) көптөгөн ЖМКлардын* талапкерлердин үгүт иштерин чагылдырбоону тандоосуна түрткү болгон деп кооптонгонун билдиришти. [102]

*Шайлоо өнөктүгүнүн мыйзамдуу аныктамасы, жалпыга маалымдоо каражаттарына талапкерлердин үгүт өнөктүгүн ар тараптуу көрсөтүп, редакциялык чагылдырууга тоскоол болгон чечмелөөгө жол бербеши үчүн, кылдаттык менен өзгөртүлүшү керек.*

---

98 *КТРК* партия өкүлдөрү, анын ичинде 10 партиянын лидерлери менен дебаттарды эфирге чыгарган, ал эми *ЭлТР* партиялардын аял жана жаш өкүлдөрү менен дебаттарды көрсөткөн. Улуттук деңгээлде "*Бүтүн Кыргызстандан"* башка бардык талапкер партиялар жана БМО талапкерлеринин 70 пайыздайы гана дебатка катышты. Эки жеке аймактык канал (Ошто жайгашкан *Нур TV* жана *TMG TV*) да дебаттарды уюштурду.

99 БШК 92 онлайн ЖМКны, 71 басма ЖМКны, 51 телеканалды жана 29 радиону аккредитациялады.

100 Европа Кеңешинин Министрлер комитетинин 15 (2007) Рекомендациясынын үгүт өнөктүгүн жалпыга маалымдоо каражаттарында маалымат чагылдырууга боюнча 2.2-пунктунда "[…] коомдук ЖМКлар жана жеке ТРКлар айрыкча шайлоо мезгилинде калыс, тең салмактуу жана адилеттүү болуусун камсыз кылган чараларды кабыл алууну" сунуштайт.

101 ДИАУБ ШБМ ачылганга чейин 12 отурум өткөрүлгөн. ДИАУБ ШБМга тогуз даттануу боюнча маалымат түшкөн, алардын бардыгы каралып чыкты. Жумушчу топ аларды чечүүдө айыппул колдонууну же даттанууну четке кагууну сунуштады.

102 1 жана 5-ноябрда ДИАУБ ШБМ менен жолугушууларында БШК мүчөлөрү теңчилик принциби катуу сакталбаган учурда, сынактын катышуучуларын жаңылык программаларында чагылдыруу үгүт катары каралышы мүмкүн деген оюн бөлүштү.

## C. ЖМКнын мониторингинин жыйынтыгы

22- октябрда ДИАУБ ШБМ ЖМКларга мониторинг жүргүзүүнү баштады.[103] Анын корутундусу көрсөткөндөй, көпчүлүк ЖМКлар, анын ичинде жергиликтүү деңгээлдегилер, жарыштын катышуучуларынын үгүт иштери боюнча минималдуу гана маалыматты сунуштап, *иш жүзүндө* БШК жана УКМК билдирген мыйзам бузуу фактыларын чагылдыруу менен чектелген. Критикалык жана аналитикалык репортаждар, бир нече онлайн ММКларды кошпогондо, расмий үгүт өнөктүгү мезгилинде негизинен жасалган эмес, натыйжада шайлоочулардын маалыматка негизделген тандоо жасоо мүмкүнчүлүгү чектелген.

Талапкерлердин ордуна ЖМКлар мамлекеттик бийлик органдарынын, негизинен Президенттин, анын администрациясынын жана Министрлер Кабинетинин ишмердүүлүгүн кеңири чагылдырышкан. Мисалы, мамлекет тарабынан каржыланган *КТРК* жана *ЭлТР* каналдары президентке жана анын администрациясына тиешелүү түрдө 55 жана 53 пайыз саясий чагылдыруу убакытын бөлүшкөн, президент тууралуу репортаждар оң жана нейтралдуу маанайда гана берилип, анын иш сапарлары жана ар түрдүү иш-аракеттери тууралуу болушкан. Мониторингге алынган ЖМКлар шайлоо тууралуу кабарлоодо БШКга жана процесстин процедуралык аспектилерине олуттуу көңүл бурган. Башка ЖМКлар да биринчи кезекте бийлик органдарынын ишмердүүлүгүн чагылдырган – мониторингге алынган сайттардын күн сайын чыгарган контентинин эң жогорку үлүшүнө *Спутник Кыргызстан* (87 пайыз) жана *Акипрессте* (81 пайыз) ээ болгон . Ал эми жеке *НТС* жана бир нече онлайн медиа булактары (*Kloop, 24.kg, Azattyk.kg* жана *Kaktus.Media*) бийликке сын пикирди көрсөтүштү.

Ал эми мамлекет тарабынан каржыланган *КТРК* менен *ЭлТР* партиялар менен жеке талапкерлерге саясий чагылдыруунун биригип 3 жана 2 пайызын бөлүп берген. Бул сыяктуу ыкма мамлекет каржылаган *Биринчи радио* жана *5-канал* тарабынан да колдоонулган. Жеке ЖМКлар да талапкерлерди чектелүү гана чагылдырганы менен, саясий окуяларга ар тараптуу көз карашын көрсөтүштү. *Kloop.kg* өз окурмандарына 26 пайызы атаандаш партияларга, ал эми 9 пайызы БМО боюнча талапкерлерге арналган саясий материалдарын сунуштады, ал эми *24.kg, Azattyk.kg* жана *Kaktus.Media* материалдарынын ири үлүшүн БМОдогу кандидаттарга бөлүшкөн (тиешелүү түрдө 13, 13 жана 12 пайыз). Бул маалымат каражаттары, бийликти чагылдыргандай эле, сынактын катышуучуларын да сынчыл маанайда көрсөтүшкөн.

*Коомдук жана башка мамлекет тарабынан каржыланган телерадиокомпаниялар өздөрүнүн жаңылыктарында жана актуалдуу программаларында шайлоочуларга негизделген тандоо жасоого мүмкүндүк берүү үчүн атаандаштардын үгүт иштеринин калыс жана ар тараптуу редакциялык чагылдырылышы үчүн чындап аракет кылышы керек.*

---

103 ДИАУБ ШБМдин сандык жана сапаттык мониторингинде *КТРК, ЭлТР, 5-канал* (мамлекет тарабынан каржыланат); *7-канал*, *НТС* (жеке) жалпы республикалык телеканалдарынын праймтаймдагы берүүлөрү; *Биринчи радионун* маалымат программалары (мамлекет тарабынан каржыланат); *akipress.kg, azattyk.kg* (Азаттыктын жергиликтүү кызматы), *Kaktus.Media, kloop.kg, sputnik.kg* (Орусиянын *Sputnik* порталынын жергиликтүү кызматы), *24.kg* сайттарынын саясатка байланыштуу материалдаоы; жана жумалык СуперИнфо гезити каралаган. ДИАУБ ШБМ социалдык түйүндөрдө шайлоого байланыштуу материалдарга да көз салып турду.

## XII. УЛУТТУК АЗЧЫЛЫКТАРДЫН КАТЫШУУСУ

Кыргыз Республикасынын калкы этникалык жактан ар түрдүү, анын курамына 26% этникалык азчылыктар кирет.[104] 2021-жылкы Конституция бардык жарандардын тең укуктуулугун кепилдеп, улутуна карап басмырлоого тыюу салат. Ал ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын сунуштарына карабастан, саясий партияларды улутуна карап түзүүгө тыюу салат.[105]

Үгүт өнөктүгүнө БМОдо да, партиялык тизмелерде да катталган этникалык азчылыктардан чыккан талапкерлер тиешелүү азчылыктар отурукташкан жерлерде катышты. Улуттук азчылыктардын өкүлдөрү болгон талапкерлер мамлекеттик (кыргыз), расмий (орус) жана өзбек тилдеринде үгүт иштерин жүргүзүшкөн, бирок алардын программаларында улуттар аралык мамилелерге байланышкан маселелер өзгөчө орун алган эмес. БШК тарабынан даярдалган шайлоочулар үчүн билим жогорулатуу материалдары кыргыз жана орус тилдеринде, жана ошондой эле өзбек коомчулугу топтолгон аймактарда өзбек тилинде басылып чыккан.

Ош областындагы укук коргоо органдары 8- ноябрда *"Эл үмүтү"* партиясынын тизмесиндеги өзбек улутундагы талапкердин өзбек тилинде үгүт иштерин жүргүзүшүнүн мыйзамдуулугу боюнча иликтөө иштерин баштаган.[106] Ал эми 4-декабрда бийлик органдары Ысык-Атада (№30 БМО) шайланган талапкер Акбөкөн Таштанбековго улуттар жана аймактар аралык кастыкты козуткан деген айып менен кылмыш ишин козгогон. Ал 6- декабрда УКМКнын тергөө абагына жеткирилген.[107]

## XIII. АРЫЗДАР ЖАНА АПЕЛЛЯЦИЯЛАР

Укуктук база натыйжалуу коргоо каражаттарына жетүүнү камсыз кылат; бирок, шайлоонун жыйынтыктарын айрым талапкерлер, саясий партиялар жана алардын ишенимдүү адамдары гана аппеляциялай алышат, бул адилет шайлоо практикасына туура келбейт.[108] Шайлоого байланыштуу бардык башка даттануулар шайлоочулар, саясий партиялар жана талапкерлер, алардын ишенимдүү адамдары, бейөкмөт уюмдар жана байкоочулар тарабынан берилиши мүмкүн.[109]

---

104 Улуттук статистикалык комитеттин маалыматы боюнча, улуттук азчылыктарга этникалык өзбектер (985 358 же 14,8 пайыз), орустар (341 350 же 5,3 пайыз), дунгандар (75 400 же 1,1 пайыз), уйгурлар (60 210 же 0,9 пайыз), жана ошондой эле тажиктер, казактар, татарлар, украиндер, корейлер жана месхетиялык түрктөр кирет. Азчылыктардын эң чоң жамааты болгон этникалык өзбектер негизинен Ош жана Жалал-Абад облустарында отурукташкан, ал жакта өзбек улутундагылар калктын 28 жана 24 пайызын түзөт.

105 ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын 2021- жылдагы биргелешкен корутундусунун 136-пунктунда бул жобону толугу менен алып салуу же кайрадан карап чыгуу сунушталган.

106 Ошто (№7 БМО) тергөө башталгандан кийин, айрым маектештер социалдык тармактарда улутчулдук риториканы колдонуу учурлары бар болушу мүмкүн экендиги тууралуу ДИАУБ ШБМга билдиришкен.

107 31-декабрда УКМК Таштанбековду депутаттык ыйгарым укуктарын тапшыруу үчүн БШКга жеткизип келди.

108 Венеция комиссиясынын 2002- жылдагы Шайлоо иштеринде акыйкат тажрыйбалар кодексинин II.3.3f бөлүмүндө "Тийиштүү шайлоо округунда катталган бардык талапкерлер жана шайлоочулар даттанууга укуктуу болушу керек. Шайлоочулардын шайлоонун натыйжалары боюнча даттануулары үчүн кворум белгилениши мүмкүн деп айтылат.

109 Шайлоо комиссияларына жана сотторго даттануулар жана апеляциялар, анын ичинде шайлоонун натыйжалары боюнча берилген аппеляциялар, үч күндүн ичинде берилүүгө жана үч күндүн ичинде, кошумча иликтөө талап кылынса, беш күндүн ичинде, чечилүүгө тийиш. Жогорку сотко түшкөн аппеляциялар беш күндүн ичинде каралышы керек

Шайлоо күнүнө чейин БШК 30 ачык отурумда 142 арызды караган. Арыздардын басымдуу бөлүгү үгүт иштеринин эрежелерин бузуулар боюнча, алардын ичинен 42 арыз добуш сатып алуу жана 31 арыз административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу боюнча болгон. Арыздарды кароодо БШК мүчөлөрү коллегиалдуу түрдө маселелерди талкуулап, өз сунуштарын добушка коюшту. Талкуулар коомчулук жана ЖМКлар үчүн ачык болуп, бардык арызданууучулар жана башка тараптар өз иштерин көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк алышты. БШКнын мүчөлөрү талкуුга чейин арыздар менен тааныша алышты.

Бирок, БШКнын шайлоо өнөктүгүнө берген анытамасы туруксуз болуп, кээде өтө кеңири же өтө тар болуп, айрым учурларда сөз эркиндигин сактоону жана үгүт жүргүзүүнү татаалдаткан.[110] БШК 22 жазуу жүзүндөгү эскертүү жасап, 29 үгүт эрежелерин бузуу иштери боюнча айып салган, анын ичинде мөөнөтүнөн мурда үгүт иштерин баштоо үчүн айып пул салган.[111] Айыптарды салып жатканда БШК үгүт иштериндеги кайсы эреже бузуулар бул чечимге алып келгендигин түшүндүргөн эмес.

*БШК жана соттор тарабынан укуктук нормаларды чечмелөө, анын ичинде шайлоо алдындагы үгүт эрежелерин бузууларга каршы жазаларды колдонууда, сөз эркиндиги жана үгүт иштерин жүргүзүү боюнча эл аралык стандарттарга жооп берип, шайкеш келүүгө тийиш.*

БШК өзүнүн сайтында арыздардын онлайн реестрин жарыялаган, бул шайлоо талаш-тартыштарын чечүү процессинин ачыктыгына өбөлгө түзгөн. Реестрге шайлоо күнүнө чейин түшкөн 179 арыз киргизилген.[112] Бирок, ДИАУБ ШБМ айрым даттануулар БШКнын реестрине өз убагында жарыяланбай, натыйжада олуттуу кечигүүлөр менен каралганын байкаган. БШК арыздар, укук коргоо органдарынын жооптору кечеңдегендиктен гана, кеч каралган деп ырастаганы менен, ДИАУБ ШБМ себеп дайыма эле мында боло берген эмес деп билдирди.[113] Андан тышкары, БШКнын даттануулар боюнча кабыл алган чечимдери мыйзам боюнча 24 саатта жарыяланышы талап болгону менен, алардын көпчүлүгү веб-сайтка өз убагында жарыяланган эмес, бул ачык-айкындуулукка кедергисин тийгизген.

БШК арыздарды талкуулоо үчүн Жумушчу топ түздү. Топ БШКнын мүчөлөрүнөн жана аппарат кызматкерлеринен түзүлүп, консультациялык пикирлерди берген, ал пикирлер кийин БШКнын толук курамында каралып чыккан. ДИАУБ ШБМге бул Жумушчу топтун

110 БШК депутатка “Мен чындыкты гана айтууга жана жарандардын кызыкчылыгын коргоого кепилдик берем” деген сөзү үчүн эскертүү жасады. БШК бул билдирүү депутаттын профессионалдык ишмердүүлүгүнө жатпагандыктан, белгиленген мөөнөттөн мурда мыйзамсыз үгүт жүргүзүү болуп саналат деп чечти. Ал эми, БШКнын маалымат жана үгүт иштери боюнча жумушчу тобу *Азаттык* партиясы белгилүү партиянын Оштогу чогулушун блоггер чагылдыргандыгы боюнча тапшырган арызды канааттандырбай койгондо, БШКнын айрым мүчөлөрү ал блоггерге мындай иш-аракеттерин улантпоону оозеки түрдө сунуш кылган. Мындан тышкары, БШКнын бул Жумушчу тобу, менен БШКнын өзү атайын белгиленген жерлерден 100 метр алыстыкта көрсөтмө үгүт материалдарын илбөө жана үгүт иш-чараларын өткөрбөө боюнча жобонун чечмелөөсүнүнүн так аткарылышын талап кылган, бирок Шайлоо жөнүндө мыйзамдын 27(4) жана 28(2) беренелеринде үгүт иштеринин бул эки түрү үчүн ар кандай укуктук режимдердин колдонулушу каралган.

111 Талапкерлерге, саясий партияларга жана алардын ишенимдүү өкүлдөрүнө үгүт иштеринде чет элдик мамлекеттик кызматкерлердин сүрөттөрүн, жана ошондой эле диний символдорду колдонгондугу, жашы жете электердин үгүт иштерине катышкандыны, уруксат берилбеген жерлерде үгүт иштерин жүргүзгөндүгү жана административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалангандыгы үчүн санкциялар берилди.

112 Буга укук коргоо органдарына жиберилген иштер да кирет.

113 Мисалы, үгүт иштери боюнча арыз 30-октябрда берилген, бирок БШК аны 13-ноябрда гана караган. Айрым партиялар тарабынан квота талаптарын бузгандыгы боюнча арыз БШКга 11-ноябрда берилген; бирок БШКнын сайтында арыз да, БШКнын чечими да жарыяланган эмес.

отурумдары тууралуу маалымат берилген эмес жана алардын талкуулоолоруна байкоо жүргүзүүгө чакырылган эмес.

БШК ошондой эле прокуратуранын, милициянын жана УКМКнын өкүлдөрүнөн турган Ыкчам Чара көрүү тобун уюштурган.[114] Шайлоо күнүнө чейин бул топ 106 арыздар менен кайрылууларды караган.[115] Ыкчам чара көрүү топтору УШКлардын деңгээлинде да түзүлгөн. Башкы прокуратура шайлоо күнүнө карата 41 тергөө иши жүрүп жатканын ДИАУБ ШБМга билдирди; 15 иш сотторго жөнөтүлгөн, анын ичинен 4 иш административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу жана добуштарды сатып алуу фактылары боюнча ачылган. ДИАУБ ШБМдин бир нече маектештери айрым аймактык Ыкчам чара көрүү топторунун калыстыгына шек келтиришти.[116]

Бишкектин административдик сотуна БШКнын чечимине каршы 13 арыз түшкөн.[117] Сот белгиленген мөөнөттөн кийин шайлоого талапкерлер берген каттоо документтерин четке кагуу боюнча эки чечимди күчүндө калтырды. Бул сот парламент төрагасы Мамытовду каттоодон өткөрбөө боюнча БШКнын чечимин жокко чыгарды.[118]

Административдик жана Жогорку сот карап чыккан 16 иштин 9ун, айрым учурларда күмөндүү процессуалдык негиздер менен иштин маңызын карабастан, токтотуп, адилет тажрыйбадан алыссташкан.[119] Административдик сот, БШКнын катына аппеляция берүүгө болбойт деген жүйөө менен, *Клооп Медиа* бейөкмөт уюмунун БШКнын жообуна карата арызынын мазмунун иликтөөдөн баш тартты.[120] Андан кийин сот төлөм буйругунун көчүрмөсү даттануучу соттук алымды төлөгөндүгүнүн жетиштүү далили боло албастыгын белгилеген.[121] Башка учурда, БШКнын административдик соттун чечими боюнча аппеляциясын Жогорку Сот БШК өкүлүнүн ишеним катын жараксыз деп таап, канааттандырган жок.[122] Мындан тышкары, көптөгөн кайрылуулар, анын ичинде БШКнын аракетсиздиги боюнча даттануулар, үч күндүк мөөнөттөн кеч берилген деген жүйөө менен кароосуз калтырылган.

Мыйзам мөөнөт бүткөндөн кийин кайрылууларды кароого жол бербейт, кээ бир учурларда бул БШКнын аракетсиздигине жол берген.[123] Соттордун шайлоого байланыштуу иштер боюнча чечим чыгарууну каалабагандыгы жана БШКнын даттанууларды кароого көп убакыт короткону көп учурда шайлоого кызыкдар тараптардын мыйзам бузуулардан натыйжалуу

---

[114] Жумушчу топтун негизги ролу арыздарды укук коргоо органдарына жөнөтүү же бербөө боюнча чечим кабыл алуу болгон.

[115] Бул санга прокуратурага жана милицияга түшкөн арыздар жана билдирүүлөр кирет.

[116] Белгилей кетсек, бир катар талапкерлер Жалал-Абад облусунун укук коргоо органдарынын калыстыгына толугу менен ишенбей, алар аймакта көрсөтүлгөн талапкерлердин бири менен байланышта болгондугун айтышкан.

[117] Административдик сот ДИАУБ ШБМ менен жолугушуудан баш тартты.

[118] Шайлоо мыйзамы депутаттарды шайлоого катышуу үчүн мандатын тапшыруу талабынан бошотот. Административдик сот БШК парламенттин спикерин дагы кызматынан бошотушу керек болчу деп чечти.

[119] Венеция комиссиясынын 2002- жылдагы Шайлоо иштериндеги акыйкат тажрыйбалар кодексинин II.3.3.96-бөлүмүндө "жол берилгис чечимдерди, өзгөчө саясий жактан сезимтал учурларда, кабыл алуудан качуу үчүн формализмди жокко чыгаруу зарыл" деп айтылат.

[120] Шайлоого байкоо жүргүзүүгө укугу жок экендиги тууралуу маалыматты БШК *Kloop Media*га расмий чечим эмес, кат аркылуу билдирген.

[121] Соттук жыйымды төлөө даттанууларды кабыл алуунун критерийлеринин бири болуп саналат.

[122] БШК мурунку соттук отурумдарда так ушундай документ колдонулганын айтып, Соттор кеңешине арыз менен кайрылган.

[123] Мисалы, БШКнын аракетсиздиги боюнча даттанууну мөөнөтүнүн өтүп кеткендигине байланыштуу канааттандыруудан баш тартууда, сот арызданууучуга анын арызы БШКнын жумушчу тобунда каралып жаткандыгы жөнүндө маалымат берилгендигин эске алган эмес. Сот даттанууну четке каккандан кийин БШК сот анын аракетсиздигин ырасады деп эсептеп, алгачкы даттанууну кароону токтоткон.

жана өз мөөнөтүндөгү коргонуу механизмдерине ээ болуу укугуна шек келтирип, ЭСКПКга жана ЕККУнун 1990-жылдагы Копенгаген документи талаптарына каршы келет.[124]

*Соттор формалдуу негизде аппеляцияларды кабыл алуудан баш тартпашы керек. Шайлоого байланыштуу талаш-тартыштарда соттук инстанциялардын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн, биринчи кезекте БШКнын аракетсиздиги жана үгүт иштериндеги мыйзам бузуулар боюнча арыздардын айрым түрлөрүн берүүнүн мөөнөттөрүн узартуу каралышы сунушталат.*

2021-жылкы Конституциянын негизинде Конституциялык сот түзүлгөн. Ага 20дай даттануу түшкөн, алардын ичинен 3 талапкерди каттоо талаптарынын конституциялуулугу боюнча болгон. Бирок Конституциялык сот жөнүндөгү мыйзамга президент 15-ноябрда гана кол коюп, шайлоо мыйзамдарынын конституцияга туура келишин кароо кечеңдетилген.[125] Бир нече ДИАУБ ШБМ маектештери кечиктирүүнү аткаруу бийлигинин сот системасына тийгизген таасиринин дагы бир көрсөткүчү деп табышкан жана шайлоо талаш-тартыштары соттордо калыс каралышына ишенимдин төмөн экендигин билдиришкен. Бардык деңгээлдеги сотторду дайындоодо президенттин жаңы чечүүчү ролу соттордун көз карандысыздыгына жана бийликтин бөлүштүрүлүшүнө шек келтирет.[126]

## XIV. ШАЙЛООГО БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ

Шайлоо мыйзамы шайлоо процессинин бардык баскычтарына саясий партиялар, бейөкмөт уюмдар, эл аралык байкоочулар жана биринчи жолу БМО талапкерлеринин өкүлдөрү тарабынан байкоо жүргүзүүнү камсыздайт.[127] Байкоочулар шайлоо күнүнө чейин аккредитациядан өтө алышат.[128] БМОдогу талапкерлер жана атаандаш саясий партиялар тиешелүү шайлоо округунда ар бир шайлоо комиссиясына экиге чейин, ал эми бейөкмөт уюмдар үчкө чейин байкоочуларды дайындай алышат.

БШК шайлоо күнүнө үч айга жетпеген убакыт калганда жарандык байкоочуларды каттоо жөнүндө жобого өзгөртүүлөрдү киргизип, мыйзамда каралбаган жаңы талаптарды койду. Аларга уюм шайлоо мыйзамдары, шайлоо же адам укуктарын коргоо боюнча адистеши жана уюмдун уставында шайлоо ишмердигине байкоо жүргүзүү боюнча жобонун болушу боюнча

124 ICCPRдын 2.3- беренеси ар бир мамлекеттен “укуктары же эркиндиктери бузулган ар бир адам натыйжалуу укуктук коргонуу каражаттарына ээ болуусун” жана “компетенттүү органдар бул каражаттар берилгенде, аларды ишке ашырышын” камсыздоону талап кылат. ЕККУнун 1990- жылдагы Копенгаген Документинин 5.10-пунктунда: “Ар бир адам негизги укуктарды урматтоо жана укуктук бүтүндүктү камсыз кылуу үчүн административдик чечимдерге натыйжалуу даттануу каражаттарына ээ болот” деп айтылат.

125 Конституция ишке киргизүү жөнүндө мыйзамда Конституциялык палатанын судьялары өзүлөрүнүн Конституциялык соттун судьялары катары кызмат ордун сактап кала тургандыгы белгиленген.

126 ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын 2021- жылдагы Биргелешкен корутундусунун 16-пунктунда соттордун көз карандысыздыгына потенциалдуу кол салуулар негизги кооптонуулардын бири катары белгиленип, “[б]ул Кыргыз Республикасында бийликтердин бөлүнүшүнө жана мыйзам үстөмдүгүнө шек келтирүүнүн реалдуу коркунучун жаратат” деп айтылат.

127 Бул укук БМОдогу талапкерлерге дагы брилгендиги түшүнүктүү болгону менен, муну ачык чагылдыруу үчүн Шайлоо мыйзамына өзгөртүүлөр киргизилген эмес.

128 БШК жети жарандык байкоочулар тобун аккредитациялаган. Алардын айрымдары БШК менен алгылыктуу кызматташкандыгын, анын ичинде шайлоочуларга билим жана маалымат берүү жаатында иштешкендигин билдиришти. Аккредитацияланган байкоочулар топтору шайлоо процессине, анын ичинде шайлоо күнү узак же кыска мөөнөттүү байкоо жүргүзүү менен алектенишкен.

талаптар кирген. [129] 5-ноябрда БШК *Kloop Media* бейөкмөт уюмуна алардын уюмунун уставына ылайык, шайлоого байкоо жүргүзүү укугу жок болгондугу тууралуу кат жөнөткөн.[130] *Kloop Media* бул катты аккредитациялоодон баш тартуу катары кабыл алып, натыйжасыз административдик сотко аппеляция менен кайрылган (*Арыздар жана даттанууларды* караңыз). Бул жаңы талаптар жарандык коомдун шайлоого байкоочу катары катышуусуна тоскоол жаратышы мүмкүн.

Андан тышкары, ДИАУБ ШБМдин айрым маектештери «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» мыйзамга жакында киргизилген өзгөртүүлөр бейөкмөт уюмдардын ишмердүүлүгүнө тоскоол болушу мүмкүн деген кооптонуусун билдиришти.[131]

*Шайлоого байкоочуларынын статусуна жана укуктарына байланыштуу бардык ченемдик укуктук актылар байкоочулардын шайлоо процессине катышуусуна тоскоол жаратпай, алдын ала консультацияларды жүргүзүү менен ачык-айкын түрдө кабыл алынышы керек.*

## XV. ШАЙЛОО КҮНҮ

Шайлоо күнү тынч өтүп, шайлоочулардын катышуусу 34,6 пайызды түздү.[132] ШБЭМ шайлоо күнүндө шайлоочулардын катышуусун көзөмөлдөп турду жана ШБЭМ чогулткан маалымат расмий көрсөткүчтөр менен бирдей болду.

### A. ШАЙЛООНУН АЧЫЛЫШЫ ЖАНА ДОБУШ БЕРҮҮ

Байкоо жүргүзүлгөн 139 участканын 4сүнөн башкасынын бардыгында шайлоо участкаларынын ачылышына оң баа берилди. УШКнын мүчөлөрүнүн ортосунда милдеттерди бөлүштүрүү үчүн чүчү кулак кармабоо (22 учур) жана мобилдүү добуш берүү аркылуу добуш берген шайлоочуларды шайлоочулардын тизмесинде белгилебөө (12 учур) сыяктуу кээ бир процедуралык мүчүлүштүктөр белгиленди. 24 учурда УШКлар бюллетень сканерин орнотууда кыйынчылыктарга дуушар болушкан. ШБЭМ ошондой эле шайлоо

---

129 "Шайлоо жөнүндө" мыйзамдын 10-1.1-беренесине ылайык "Коммерциялык эмес уюмдар өздөрүнүн уставдарында белгиленген тартипке жараша шайлоого байкоо жүргүзүү жана өз байкоочуларын жиберүү жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу". БШКнын жобосунун 2.1-пунктунда "шайлоо мыйзамдары, шайлоолор, ошондой эле адам укуктарын коргоо жаатында адистешкен" коммерциялык эмес уюмдар шайлоого байкоо жүргүзө алат деп жазылган.

130 Жаңы жобо 5-сентябрда кабыл алынган, бирок, *Kloop Mediaнын* билдирими боюнча*,* ал октябрда гана жарыяланган. *Kloop Media* буга чейин ЖМК катары аккредитацияланган, кийинчерээк ал *туунду уюму Kumar Media* аркылуу байкоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн кепилдей алды.

131 2021- жылдын июнь айында бул мыйзамдын 15 жана 17-беренелерине киргизилген түзөтүүлөр каржылык отчеттуулукка жаңы талаптарды киргизет, алар каржылоо булактарын ачык көрсөтүүнү талап кылат, айрым БӨУлар бул донорлорго тобокелдик жаратышы мүмкүн деп эсептешет. Каржылык отчеттуулуктун толук процедуралары жарыялана элек болгондуктан, жаңы түзөтүүлөрдүн мындан аркы таасири кандай болоору да белгисиз. Белгилей кетсек, ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын биригүү эркиндиги боюнча 2015- жылдагы биргелешкен колдонмосунун 224-пунктунда: "Асоциациялардын ички иштеринде мамлекеттин кийлигишүүсүнөн эркин болуу укугунун сакталышы үчүн, алардын ички иш-аракетинин ачыктыгы эл аралык жана регионалдык келишимдерде атайын бекитилген эмес. Бирок ачыктык жана тазалык уюмдун отчеттуулуг жана элдин ишенимин орнотууда негиз болуп саналат. Мамлекет бирикмелердин отчеттуулугун жана ачык-айкындуулугун талап кылбай, аларга колдоо көрсөтүп комөктөшүү керек. Буга комшумча ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын 2021- жылдагы биргелешкен корутундусунун 137-пунктун карап чыгыңыз.

132 БШК шайлоочулардын жалпы катышуусу боюнча алдын ала маалыматты ыраттуу түрдө саат 10:00до (2,86%), 12:00до (9,1%), 14:00до (16,35%), 16:00жл (22,47%) жана 18:00до (28,53%) жарыялаган.

участкаларынын кечигип ачылышын байкады, бирок алар көпчүлүк учурда 15 мүнөттөн ашкан эмес (44 байкоо).

Добуш берүү процесси ШБЭМ байкоо жүргүзгөн 1256 шайлоо участкасынын 96 пайызына оң баа берилди.[133] Процедуралар негизинен байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын басымдуу бөлүгүндө сакталган; бирок байкоо участкалардын 16 пайызында урналар талаптагыдай пломбаланган эмес. Шайлоо участкаларынын уюштурулушу байкоо жүргүзүлгөн участкалардын 95 пайызында добуш берүүнү өткөрүүгө ыңгайлуу болгон жана 10 пайызында, негизинен шайлоо участкаларынын тардыгынан, адамдардын ашыкча жык толгону билдирилген. Байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын 40 пайызга жакыны кыймыл мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулар үчүн жеткиликтүү эмес болуп, ал эми 20 пайызында добуш берүү жайлардын түзүлүшү бул шайлоочулар үчүн ылайыксыз болгон.

*Бийлик, мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын уюмдары менен консультацияларды жүргүзүп, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулар үчүн шайлоо участокторунун жеткиликтүүлүгүн жана түзүлүшүнүнүн ылайыктуулугун камсыздоо боюнча кошумча чараларды көрүшү керек.*

Шайлоочуларды идентификациялоочу жабдуулар жалпысынан жакшы иштеп, идентификациялоо процедуралары дээрлик бардык байоо жүргүзүлгөни шайлоо участкаларында сакталган. Байкоо жүргүзүлгөн участкалардын 9 пайызында бир же бир нече шайлоочу аты-жөнү тиешелүү участоктун шайлоочулар тизмесинде жок болгондуктан артка кайтарылган. Байкоого алынган шайлоо участкаларынын 6 пайызында бюллетендердин сканерлери иштеген эмес же иштебей калгандыктан алмаштырылган.

Көптөгөн байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларында уруксаты жок адамдардын жүргөнү байкалган (милиция жана жергиликтүү бийлик өкүлдөрү тиешелүү түрдө алардын 22 жана 5 пайызын түзгөн), ал эми ШБЭМ учурлардын 3 пайызында шайлоо процессине УШК мүчөлөрүнөн башка адамдар кийлигишкендигин байкашкан. Байкоого алынган шайлоо участкаларынын 98% жана 42%ында тиешелүү түрдө партиялык жана жарандык байкоочулар катышкандыгы жалпы ачык-айкындуулукту камсыз кылды. Бирок, ага карабастан, ШБЭМ участкаларынын 2 пайызында байкоо жүргүзүүдө чектөөлөргө дуушар болуп, 4 пайызында жүрү жаткан процедураларды так көрө алышкан эмес.

ШБЭМ добуш берүүнүн купуялуулугу добуш берүүчү кабиналардын жасалышынан жана жайгаштырылышынан (39%) жана шайлоочулар бюллетендерин белгилөөдөн кийин катпагандыгынан (23%) улам бузулгандыгын байкаган. ШБЭМ олуттуу мыйзам бузууларды, анын ичинде топтук добуш берүүнү (6 пайыз) жана айрым талапкерлерге добуш берүүгө мажбурлоого аракет кылуу учурларын (2 пайыз) белгиледи. Бир нече учурларда ШБЭМ добуштарды сатып алуу белгилерин байкаган.

*Добуш берүүнүн купуялуулугу жөнүндө мыйзам жоболору УШКлар тарабынан ишке ашырылып, аткарылышы керек.*

БШК шайлоо күнү келип түшкөн 45 арыз боюнча маалымат жарыялаган. Добуш берүүнүн тартибин сактабоо, сканерлердин туура эмес иштеши, шайлоо күнү үгүт иштерин жүргүзүү, шайлоочуларды автобус менен ташып келүү жана добуштарды сатып алуу боюнча төрт факты катталган. БШКнын билдиримине жараша, бул доомattар иликтөө үчүн укук коргоо органдарына өткөрүлүп берилген.

[133] ШБЭМ Жалал-Абад жана Ош облустарындагы добуш берүүнүн жүрүшүнө башка аймактарга салыштырмалуу терс баа берди.

## B. ШАЙЛООНУ АЯКТОО ЖАНА ДОБУШТАРДЫ ЭСЕПТӨӨ

Добуштарды эсептөөгө 123 байкоонун үчтөн биринде терс баа берилген, бул олуттуу тынчсызданууну жаратат. Көп учурларда кол менен саноо жол-жоболору сакталган эмес, ШБЭМ добуштарды эсептөө процессинин уюштурулушуна (37 учур) жана ачык-айкындуулугуна (19 учур) терс баа берген. Көптөгөн УШКлар пайдаланылбаган шайлоо бюллетендерин жокко чыгаруу (22 учур) же шайлоочулардын тизмесиндеги колдордун санын эсептөө (30 учур) сыяктуу негизги салыштыруу процедураларын аткара алышпай, же шайлоо бюллетендерин сканерден алынган добуш берүүнүн алдын ала жыйынтыктарын жарыялап, тиешелүү актыга кол коюшкан эмес. (44 учур).

Байкоолордун жарымынан көбүндө бюллетендер бирден саналбай, шайлоочунун тандоосу процесстин катышуучуларынын баарына жарыяланып, көрсөтүлгөн эмес (63 учур). Байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын басымдуу көпчүлүгүндө (84 учур) талаш жараткан бюллетендердин жарактуулугу добуш берүү аркылуу чечилген эмес. Кээ бир учурларда УШКлар сканер жараксыз деп тапкан бюллетендерди карап чыккан жок. БШКнын акыркы маалыматына караганда, жараксыз бюллетендердин саны 10 пайызга жакын болуп, кооптонууну жаратат. Айрым ДИАУБ ШБМдин маектештери шайлоочулар бюллетенди кантип белгилөө керек экендигин жакшы түшүнбөгөндүгүнөн улам жаракгөсыз бюллетендердин көп болгон деп эсептешкен.

Байкоолордун үчтөн биринде УШКлар добуш берүүнүн жыйынтыктарынын протоколдорун, мыйзамда талап кылынгандай кол менен эсептөөнүн ордуна, сканерлер чыгарган натыйжалардын негизинде толтурушкан. 61 учурда ШБЭМ УШК мүчөлөрү расмий жыйынтык протоколдоруна алдын ала кол коюшкандыгын байкаган. Байкоо жүргүзүлгөн добуштарды саноо процесстеринин жарымында шайлоонун жыйынтыктары боюнча протоколдун чоңойтулган көчүрмөсү саноо аяктагандан кийин коомчулукка жарыялоо үчүн илинген эмес, ал эми эсептөөлөрдүн үчтөн биринен көбүрөөгүндө протоколдун көчүрмөсү талап боюнча көчүрмөгө ээ болуу укугу бар тараптарга берилген жок.

*Добуштарды эсептөөнүн тазалыгын мындан ары бекемдөө үчүн УШКлар саноо менен салыштыруу үчүн белгиленген процедураларын так сактоого тийиш. БШК эсептөө процедураларында байкалган процедуралык каталарды жана мүчүлүштүктөрдү күчөтүлгөн окутуу иш-чараларынын жардамы менен чечиши керек.*

Уруксаты жок инсандар, дээрлик көпчүлүк учурларда милиция кызматкерлери, байкоого алынган шайлоо участкаларынын жарымынан көбүндө (68 учур) байкалышкан, ал эми УШКнын мүчөлөрү эмес болгон адамдар байкоо жүргүзүлгөн участкалардын 11инде шайлоо процессине кийлигишкен. Партиялык байкоочулар бардык участкалардын үчтөн башкасынын барында, ал эми БМО талапкерлеринин байкоочулары участкалардын төрттөн үчүндө (86 учур) болушкан. Жарандык байкоочулар байкоо жүргүзүлгөн участкалардын үчтөн биринде гана катышкан. ШБЭМ байкоого алынган шайлоо участкаларынын дээрлик жарымында добуштарды саноо процессине ачык-айкын деген баа берди (66 отчет).

## C. ЖЫЙЫНТЫКТАРДЫ ЧЫГАРУУ ЖАНА ЖАРЫЯЛОО

ШБЭМ байкоо жүргүзүлгөн 30 УШКнын 13үндө жыйынтыктарды чыгарууга терс баа берди, бул процесстин ырааттуулугунун жоктугу (19 отчет) жана добуш берүүнүн жыйынтыктарын электрондук түрдө киргизүүдөгү көйгөйлөр (17 отчет) менен байланыштуу болгон. Жыйынтыктарды чыгаруунун баштапкы баскычтарына көп учурларда начар жана ырaатсыз уюштурулунган деген баа берилген, бул байкалган УШКлардын жарымынын ашыгында

шарттардын начарлыгынан жана адамдардын өтө жык толуусунан улам келип чыгышы мүмкүн. Шайлоо процесси андан кийинки баскычта ыраатталган; бирок, кээ бир БМОлордо бул көрүнүш бир нече күн бою уланган. БШК жыйынтыктардын жай чыгарылышы преференциалдуу добуш берүү үчүн маалыматтарды электрондук түрдө киргизүүнүн татаалдыгы менен түшүндүрдү.

ШБЭМ 24 УШКда жыйынтык протоколдорунда көрсөтүлгөн сандар дайыма эле бири бирине туура келбегендигин жана добуш берүүнүн жыйынтыктарынын протоколдору менен тиешелүү бюллетень сканерлери 23 учурда дал келбегенин байкаган. Байкоо жүргүзүлгөн УШКлардын 15ине кайрадан добуш саноо буйрутулган, ал эми 17 учурда УШК менен АШК мүчөлөрү кайра саноосуз УШКнын протоколдорундагы жыйынтык сандарына өзгөртүүлөрдү киргизишкен. Байкоого алынган АШКлардын жарымында ШБЭМ шайлоо процесстерин так көзөмөлдөй алган эмес.

БШК өз сайтына добуш берүү аяктагандан кийин, электрондук эсептөөнүн жыйынтыгынын негизинде, дароо ар бир шайлоо участкасы боюнча алдын ала жайынтыктарды жарыялай баштады. Бирок БШК шайлоонун алдын ала жыйынтыктары көрсөтүлгөн веб-порталын кыска мөөнөткө иштен чыгарган, бул туура эмес эсептөө формуласы колдонулгандыктан улам болуп, шайлоонун жыйынтыгынын тазалыгына шектенүүлөрдү жаратканы айтылууда. Бул шайлоодон кийинки күндөрү БШКнын алдында наразылык акцияларын өткөрүлүшүнө алып келди. БШКнын маалыматы боюнча, пропорционалдык жарышта туура эмес формуланы колдонуу партиялар алган жалпы добуштардын санына жеке талапкерлер алган преференциалдык добуштардын кошулуп, жалпы добуштардын санынын көбөйүшүнө алып келген. Андан кийин БШК техникалык ката үчүн кечирим сурап, саясий партиялар жана ЖМКлар үчүн иш-чара уюштуруп, түшүндүрмөлөрдү берген.[134]

Шайлоо күнүнөн кийин бир жуманын ичинде БШК шайлоо участкаларынын кол менен саноо жыйынтыктарынын протоколдорун жарыялап, ачык-айкындуулукту арттырды. Добуш берүүдөн кийинки күндөрдө бир нече партиялар жана БМОдогу талапкерлер БШКга бир катар шайлоо участкаларындагы добуштарды кайрадан санап чыгуу боюнча расмий өтүнүч менен кайрылышкан. 10-декабрда “Альянс*”, “Ата Мекен”, “Бүтүн Кыргызстан”, “Эл үмүтү*”, *“Социал-демократтар”* жана “ *Ынтымак* ” партияларынын кайрылууларынын негизинде БШК 12 БМОдогу 67 шайлоо участкасында добуштарды кайра саноо өткөрдү. Кабарларга караганда, кайра саноо электрондук жана кол менен эсептөөнүн жыйынтыктарын, ошондой эле БШКнын сайтында жарыяланган жыйынтыктарды тастыктады.[135]

14-декабрда БШК бардык БМОлор боюнча шайлоонун акыркы жыйынтыктарын жарыялады. «Бардыгына каршы» добуштардын саны эң көп добуш алган талапкердин добуштарынын санынан ашкандыктан, мыйзамга ылайык, Бишкектин Биринчи Май жана Свердлов райондорунда шайлоо жараксыз деп табылган. 15-декабрда БШК пропорционалдык жарыш боюнча шайлоонун акыркы жыйынтыгын жарыялап, алты партия босогодон өткөндүгүн ырастады.

---

134 Түшүндүрүү иш-чарасына бир нече бейөкмөт уюмдар ортомчулук кылышты. 15-декабрда, буга чейин түзүлгөн келишимдин негизинде, Альянс*, Ата-Мекен, Азаттык, Бүтүн Кыргызстан, Ордо,* Жашылдар партиясы*,* Социал-демократтар жана *Ынтымак* партияларынын IT адистер топтору партиялары катышкан чогулушта, БШК ката формуланын туура эместигинен келип чыкканын жана добуштардын саны жана пайызы бюллетендерден алынган маалыматтарга туура келгенин ырастады. Жыйындын протоколуна “*Ата Мекен”* жана Социал-демократтар партиясынан башка бардык партиялардын адистери кол коюшту.

135 Кайра саноо боюнча БШКнын билдирүүсүн караңыз. *Бүтүн Кыргызстан* партиясы да Ноокат районундагы алты шайлоо участогунда добуштарды кайра санап чыгуу өтүнүчү менен кайрылган, бирок кийинчерээк өтүнүчүн кайтарып алган.

# XVI. СУНУШТООЛОР

Бүткүл текстте камтылган бул сунуштар Кыргыз Республикасында шайлоо өткөрүү деңгээлин жогорулатуу жана аларды ЕККУнун алдында алынган милдеттенмелерге жана демократиялык шайлоо өткөрүү боюнча башка эл аралык милдеттенмелер жана стандарттарга шайкеш келтирүү боюнча аракеттерди колдоо максатында берилген. Бул рекомендациялар ДИАУБдун буга чейин берген, учурда карала элек сунуштоолоору менен чогуу окулууга тийиш. ДИАУБ Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө шайлоо процессин мындан ары жакшыртууда жана бул жана буга чейинки отчеттордо камтылган сунуштарды ишке ашырууда жардам берүүгө даяр.[136]

## A. Приоритеттүү сунуштар

1. Мыйзамдык база, анын ичинде Конституциянын жоболору ЕККУнун алдында алынган милдеттенмелерге, демократиялык шайлоо өткөрүү боюнча башка эл аралык милдеттенмелерге жана стандарттарга шайкеш келишин камсыз кылуу, башка аныкталган кемчиликтерди инклюзивдик, консультациялык жана ачык процесс аркылуу чечүү үчүн кийинки шайлоого чейин каралып чыгышы керек. Мыйзам жаратуу процесси мыйзамдуулуктун принциптерине жооп берип, мыйзам чыгаруучулар шайлоо мыйзамдарына тийиштүү консультацияларды талап кылган олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн тездетилген жол-жоболорун колдонбоосу керек.

2. Үгүт иштерине жана шайлоочулар менен талапкерлердин маңыздуу катышуусуна тоскоол болбогон чөйрөнү түзүү үчүн үгүт иштеринин жоболорун ишке ашырууга укук коргоо органдарынын кийлигишүүсү алардын ыйгарым укуктарында так белгиленип, алардан чыкпашы керек

3. ЖМКнын эркиндиги бекем сакталууга тийиш. ЖМК кызматкерлеринин иш шарттарында сөз эркиндиги камсыз болушу үчүн маалыматка жетүүдөгү негизсиз чектөөлөргө жана журналисттердин ишмердүүлүгүнө кийлигишүүгө жол берилбеши керек.

4. БШКнын көз карандысыздыгын жана калыстыгын жогорулатуу үчүн мыйзамга саясий өкүлчүлүктүн тең салмактуулугун кепилдөөчү түзөтүүлөр киргизилиши керек. БШКны түзүүнүн мурунку моделине кайтууну карап чыгуу болот.

5. Шайлоо өнөктүгүнүн мыйзамдуу аныктамасы жалпыга маалымдоо каражаттарына талапкерлердин үгүт өнөктүгүн ар тараптан тааныштырууга жана редакциялык чагылдырууга тоскоол болгон чечмелөөгө жол бербеши үчүн, кылдаттык менен өзгөртүлүшү керек.

---

136 ЕККУнун 1999- жылдагы Стамбул Документинин 25-пунктунда ЕККУга мүчө-мамлекеттер "ДИАУБдун шайлоолорго баа берүүлөрүн эске алып, сунуштарын тез арада аткарууга" милдеттенишкен. ДИАУБдун шайлоо боюнча сунуштар базасын да карап чыгыңыз. Буга чейин берилген сунуштардын аткарылышын ДИАУБ ШБМ төмөндөгүдөй баалайт: ДИАУБ 2020- жылдагы парламенттик шайлоо боюнча жыйынтыктоочу отчетундагы 18 рекомендация (2020- жылдын Корутунду отчету), жана ошондой эле ДИАУБдун 2021- жылдагы президенттик шайлоо боюнча жыйынтыктоочу отчетундагы 23 рекомендация (2021- жылдын Корутунду отчету) толугу менен аткарылды. 2020- жылдын Корутунду отчетундагы 7, 8, 10, 12, 16 жана 19, ошондой эле 2021- жылдын Корутунду отчетунун 8, 11, 14 жана 20 сунуштары негизинен аткарылды. 2020- жылдын Корутунду отчетундагы 1, 4, 5, 6, 14, 23, 25, жана 2021- жылдын Корутунду отчетундагы 3, 19, 22, 24, 25- сунуштары жарым-жартылай аткарылды.

6. Добуштарды сатып алуу жана шайлоочуларга басым көрсөтүү маселелерин чечүү үчүн туруктуу чараларды көрүү зарыл, алардын ичинде, шайлоо процессине болгон ишенимди жогорулатуу үчүн, жарандык түшүндүрүү өнөктүгүн жүргүзүү сунушталат. Саясий партиялар добуштарды сатып алуу практикасына каршы күрөшүү боюнча милдеттенмелерди чындап кабыл алышы керек.

7. Соттор формалдуу негизде даттанууларды кабыл алуудан баш тартпашы керек. Шайлоого байланыштуу талаш-тартыштар боюнча соттук инстанциялардын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн, биринчи кезекте БШКнын аракетсиздиги жана үгүт иштериндеги мыйзам бузуулар боюнча арыздардын айрым түрлөрүн берүүнүн мөөнөттөрүн узартуу каралышы мүмкүн.

## B. БАШКА СУНУШТАР

### Шайлоону башкаруу

8. Өкмөт улуттук азчылыктардын шайлоо комиссияларында, өзгөчө, алар калктын кыйла бөлүгүн түзгөн аймактарда, адекваттуу өкүлчүлүгүн камсыз кылуу үчүн чараларды көрүшү керек.

9. БШК, буга чейин сунушталгандай, өзүнүн бардык жоболору менен чечимдерин мыйзамда каралган мөөнөттө жарыялашы керек.

10. Бийлик, мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын уюмдары менен консультацияларды жүргүзүп, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулар үчүн шайлоо участокторунун жеткиликтүүлүгүн жана түзүлүшүнүн ылайыктуулугун камсыздоо боюнча кошумча чараларды көрүшү керек.

11. Добуш берүүнүн купуялуулугу жөнүндө мыйзам жоболору УШКлар тарабынан ишке ашырылып, аткарылышы керек.

12. Добуштарды эсептөөнүн тазалыгын мындан ары бекемдөө үчүн УШКлар саноо менен салыштыруу үчүн белгиленген процедураларын так сактоого тийиш. БШК эсептөө процедураларында байкалган процедуралык каталарды жана мүчүлүштүктөрдү күчөтүлгөн окутуу иш-чараларынын жардамы менен чечиши керек.

### Шайлоочуларды каттоо

13. Сот жазасын өтөп жаткан жарандарды шайлоо укугунан ажыратуу жасалган кылмыштын оордугун эске алуу менен кайра каралып чыгууга тийиш; майыптыктын негизинде шайлоо укугун чектөө жокко чыгарылышы керек.

14. Шайлоочулардын тизмелеринин тактыгын жогорулатуу үчүн бийлик органдары даректердин реестри менен шайлоочулардын тизмелеринин ортосунда маалыматтарды талаптагыдай алмашууну камсыз кылуу үчүн кошумча чараларды көрүшү керек.

### Талапкерлерди каттоо

15. Парламентте аялдардын тең укуктуу өкүлчүлүгүнө жетишүү үчүн бийлик партиялык тизмелерге талап кылынган гендердик квотаны жогорулатып, каттоодон баштап шайлоо күнүнө чейин квоталардын сакталышын камсыз кылуу үчүн кошумча механизмдерди

караштырышы керек. Партиялар гендердик баалуулуктарды партиялардын эрежелерине, саясаттарына жана практикасына кошуу үчүн ички механизмдерди киргизүүсү сунушталат, анын ичинде аял-талапкерлердин санын көбөйтүү, алардын талапкер катары көрсөтүлүшүн колдоо жана аялдарды талапкерлердин тизмелеринде жогору жайгаштыруу жана башка чараларды көрүү мүмкүн.

**Үгүт өнөктүгүн каржылоо**

16. Маңыздуу көзөмөлдү камсыз кылуу үчүн үгүт өнөктүгүнүн каржылык отчетторуна толук аудит жүргүзүлүшү керек. Мыйзамдык база аудиттин жол-жоболорун, мөөнөттөрүн жана аудиттин натыйжаларын жарыялоону жөнгө салышы керек.

17. Мыйзамдык база шайлоо өнөктүгүн каржылоо мыйзамын бузгандыгы үчүн баскычтуу бөгөт коюучу административдик жаза чараларын караштырышы керек.

**ЖМК**

18. Сөз эркиндигин чектөө үчүн мүмкүнчүлүк түзүү максатында колдонула ала турган өтө кенен жана анык эмес жоболорду жоюу үчүн, Конституцияга, Кылмыш-жаза кодексине жана башка жалпыга маалымдоо каражаттарына тиешелүү башка мыйзамдарга, буга чейин ДИАУБ жана Венеция комиссиясы берген сунуштарына ылайык, түзөтүүлөр киргизилиши керек.

19. Акы төлөнүүчү саясий жарнактарды жаңылык жана актуалдуу программалар учурунда көрсөтүүгө тыюу салынышы керек. Жарнакты сатып алуу үчүн ММКны тандоо аккредитациядан алдын ала шартталбашы керек; мындай талап жокко чыгарылышы же ЖМКнын жарнак шарттарын БШКга ыктыярдуу берүү менен алмаштырылышы кажет.

20. Коомдук жана башка мамлекет тарабынан каржыланган телерадиокомпаниялар өздөрүнүн жаңылыктарында жана актуалдуу программаларында шайлоочуларга негизделген тандоо жасоого мүмкүндүк берүү үчүн атаандаштардын үгүт иштеринин калыс жана ар тараптуу редакциялык чагылдырылышы үчүн чындап аракет кылышы керек.

**Даттануулар жана аппеляциялар**

21. БШК жана соттор тарабынан укуктук нормаларды чечмелөө, анын ичинде шайлоо алдындагы үгүт эрежелерин бузууларга жазаларды колдонууда, сөз эркиндиги жана шайлоо үгүт иштерин жүргүзүү боюнча эл аралык стандарттарга жооп берип, шайкеш келүүгө тийиш.

**Шайлоого байкоо жүргүзүү**

22. Шайлоонун байкоочуларынын статусуна жана укуктарына тиешелүү бардык укук ченемдик актылар байкоочулардын шайлоо процессине катышуусуна тоскоол жаратпай, алдын ала консультациялык жана ачык-айкын түрдө кабыл алынышы керек .

# I ТИРКЕМЕ: ШАЙЛООНУН АКЫРКЫ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ[137]

| Бүткүл Мамлекеттик Шайлоо Округу боюнча БШКнын жыйынтыктарынын протоколунун маалыматы | Жалпы саны |
|---|---|
| Шайлоо участкаларында шайлоочулардын тизмелерине киргизилген шайлоочулардын саны | 3,703,420 |
| Шайлоо участкаларында бюллетень алган шайлоочулардын саны | 1,269,554 |
| Көчмө добуш берүү үчүн бюллетень алган шайлоочулардын саны | 12,068 |
| Шайлоого катышкан шайлоочулардын саны | 1,281,622 |
| Жарактуу бюллетендердин саны | 1,162,131 |
| Жараксыз бюллетендердин саны | 119,334 |

**Бүткүл Мамлекеттик Округу боюнча шайлоонун акыркы жыйынтыктары**

| | Саясий партия | Добуштар | Пайыз | Мандаттар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | *Ата-Журт Кыргызстан* | 222,005 | 17.32 | 15 |
| 2 | *Ишеним* | 174,470 | 13.61 | 12 |
| 3 | *Ынтымак* | 141 009 | 11.00 | 9 |
| 4 | Альянс | 106,955 | 8.34 | 7 |
| 5 | *Бүтүн Кыргызстан* | 90,223 | 7.04 | 6 |
| 6 | *Ыйман Нуру* | 79,025 | 6.17 | 5 |
| 7 | *Эл үмүтү* | 57,642 | 4.50 | |
| 8 | *Азаттык* | 52,183 | 4.07 | |
| 9 | *Ата-Мекен* | 45,568 | 3.56 | |
| 10 | Социал-демократтар | 40,280 | 3.14 | |
| 11 | *Улуттар Биримдиги* | 31,382 | 2.42 | |
| 12 | *Мекенчил Эл* | 20,522 | 1.60 | |
| 13 | *Багыт* | 12,634 | 0,99 | |
| 14 | Кыргызстандын Биригүү патриоттук партиясы | 12,279 | 0,96 | |
| 15 | *Улуу Журт* | 9,376 | 0,73 | |
| 16 | *Күчтүү Регион* | 8,212 | 0,64 | |
| 17 | Легалайз | 7,943 | 0.62 | |
| 18 | *Аруузат Эл куту* | 5,869 | 0.46 | |
| 19 | *Ордо* | 5,934 | 0.46 | |
| 20 | *Жашасын Кыргызстан* | 5,615 | 0.44 | |
| 21 | Жашыл партия | 5,266 | 0,41 | |
| | Баарына каршы | 27,739 | 2.16 | |

137 Булак: БШКнын сайты .

## II ТИРКЕМЕ: ШАЙЛООГО БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ БОЮНЧА ЭЛ АРАЛЫК МИССИЯСЫНЫН БАЙКООЧУЛАРЫНЫН ТИЗМЕСИ

### ЕККУнун Парламенттик ассамблеясы

| | | | |
|---|---|---|---|
| Питер | Юэль-Йенсен- | Атайын координатор | Дания |
| Фарахназ | Карими | Делегациянын башчысы | Голландия |
| Ганс | Амесбауэр | депутат | Австрия |
| Ева | Эрнст-Дзиеджич | депутат | Австрия |
| Андреас | Миннич | депутат | Австрия |
| Харальд Йозеф | Трох | депутат | Австрия |
| Соеткин | Хоссен | депутат | Белгия |
| Малик | Бен Ашур | депутат | Хорватия |
| Давор | Бернардик | депутат | Хорватия |
| Ян | Хорник | депутат | Чех Республикасы |
| Ян | Залудик | депутат | Чех Республикасы |
| Юхан | Пихоф | депутат | Эстония |
| Свен | Сестер | депутат | Эстония |
| Вильгельм | Джунила | депутат | Финляндия |
| Пиа Лииса | Каума | депутат | Финляндия |
| Валери Жанна | Бойер | депутат | Франция |
| Золтан | Фенивеси | депутат | Венгрия |
| Луиджи | Августсори | депутат | Италия |
| Паоло | Гримолди | депутат | Италия |
| Вито | Ваттон | депутат | Италия |
| Густав | Граас | депутат | Люксембург |
| Клод | Хааген | депутат | Люксембург |
| Мари Жозе | Лорше | депутат | Люксембург |
| Чарльз | Марж | депутат | Люксембург |
| Славен | Радунович | депутат | Монтенегро |
| Радослав | Фогиль | депутат | Польша |
| Казимир | Клейна | депутат | Польша |
| Роберт | Квятковский | депутат | Польша |
| Пётр | Полак | депутат | Польша |
| Агнешка | Помаска | депутат | Польша |
| Дариуш | Розати | депутат | Польша |
| Агнешка | Соин | депутат | Польша |
| Яцек | Влосовиц | депутат | Польша |
| Александра | Таварес Де Моура | депутат | Португалия |
| Раду-Михай | Михаил | депутат | Румыния |
| Питер | Осуски | депутат | Словакия |
| Ахмет | Арслан | депутат | Туркия |
| Текин | Бинголь | депутат | Туркия |
| Павло | Фролов | депутат | Украина |
| Рупа | Хук | депутат | Улуу Британия |
| Ольгика | Толик | Делегациянын кызматкерлери | Хорватия |
| Радэк | Меркль | Делегациянын кызматкерлери | Чех Республикасы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Ева | Эсмарк | Делегациянын кызматкерлери | Дания |
| Жан-Люк | Блуэ | Делегациянын кызматкерлери | Франция |
| Жантижн Йоханнес | Анема | Делегациянын кызматкерлери | Голландия |
| Марцин | Микьетинский | Делегациянын кызматкерлери | Польша |
| Анка Мария | Константин | Делегациянын кызматкерлери | Румыния |
| Эжем | Даник Гөкче | Делегациянын кызматкерлери | Туркия |
| Андреас | Бейкер | ЕККУ ПА Секретариаты | Дания |
| Стефани | Колтчанов | ЕККУ ПА Катчылыгы | Франция |
| Димитрий | Тодорик | ЕККУ ПА Секретариаты | Сербия |
| Эмомали | Мирзоев | ЕККУ ПА Секретариаты | Тажикистан |
| Манучехр | Салохудинов | ЕККУ ПА Секретариаты | Тажикистан |
| Натаниел | Парри | ЕККУ ПА Секретариаты | Америка Кошмо Штаттары |

**Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясы**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Марина | Берлингьери | Делегациянын башчысы | Италия |
| Пере | Лопес Аграс | депутат | Андора |
| Альберто | Рибойа | депутат | Италия |
| Кестутис | Масиулис | депутат | Литва |
| Луи | Лейте Рамос | депутат | Португалия |
| Кшиштоф | Трусколаский | депутат | Польша |
| Кристиан-Августин | Никулеску-Тагарлаш | депутат | Румыния |
| Диана | Стоика | депутат | Румыния |
| Антон | Гомес-Рейно | депутат | Испания |
| Николай | Эсану | Венеция комиссиясы | Молдова |
| Сергей | Кузнецов | Венеция комиссиясы | Орус Федерациясы |
| Иви-Триин | Одратс | ЕКПА Катчылыгы | Эстония |
| Анна | Годфри | ЕКПА Катчылыгы | Улуу Британия |

**ДИАУБ ШБМдин Кыска мөөнөттүү байкоочулары**

| | | |
|---|---|---|
| Луиза | Аветисян | Армения |
| Карен | Гаспарян | Армения |
| Тамара | Овнанян | Армения |
| Наре | Хандамирян | Армения |
| Джони | Меликян | Армения |
| Арсен | Микаелян | Армения |
| Фахри | Каримли | Азербайжан |
| Рамин | Нуралиев | Азербайжан |
| Хлоя | Джорджманс | Белгия |
| Гийом | Шокет | Белгия |
| Лаура | Стренс | Белгия |

| | | |
|---|---|---|
| Бернард | Лело | Белгия |
| Том | Де Мунк | Белгия |
| Лаетития Антония | Де Радригес де Шеневьер | Белгия |
| Аксель | Вандепутт | Белгия |
| Изабель | Верраест | Белгия |
| Радован | Бауска | Чех Республикасы |
| Петр | Халупецкий | Чех Республикасы |
| Сильва | Хоракова | Чех Республикасы |
| Зденка | Керлика | Чех Республикасы |
| Карел | Кованда | Чех Республикасы |
| Матей | Прашил | Чех Республикасы |
| Ян | Шрот | Чех Республикасы |
| Пия | Кристмас-Мёллер | Дания |
| Иб Кок | Хансен | Дания |
| Хенрик | Карлсен | Дания |
| Финн | Нильсен | Дания |
| Бирте Торп | Педерсен | Дания |
| Ингрид | Поулсен | Дания |
| Нильс | Расмуссен | Дания |
| Грете | Сков | Дания |
| Марко | Коплимаа | Эстония |
| Лина | Авониус | Финляндия |
| Кристофер | Бонн | Финляндия |
| Джухо | Кяяряйнен | Финляндия |
| Кристиан | Бартлен | Франция |
| Бенуа | Буассо | Франция |
| Оливье | Бушбиндер | Франция |
| Мейв | Дейли | Франция |
| Джонатан | Сапен | Франция |
| Александра | Туссент | Франция |
| Фанта | Траоре | Франция |
| Тамар | Бартайа | Грузия |
| Елена | Бобохидзе | Грузия |
| Кристиан | Бак | Германия |
| Инго | Буеттнер | Германия |
| Ева | Крейдт | Германия |
| Йоханнес | Допффель | Германия |
| Франк | Фишер | Германия |
| Максимилиан | Фритшен | Германия |
| Катарина | Хамманн | Германия |
| Софи | Харинг | Германия |
| Майкл | Хаусманн | Германия |
| Маја | Хинрикс | Германия |
| Дагмар | Хофман | Германия |
| Лена | Хорнец | Германия |
| Christiane | Хаенике | Германия |
| Элизабет | Хеншке | Германия |
| Бьёрн | Крихельс | Германия |

| | | |
|---|---|---|
| Тина | Меде-Карпенштейн | Германия |
| Катя | Мишке | Германия |
| Кристина | Мойшен | Германия |
| Кирстен | Мюллер | Германия |
| Симон | Прекер | Германия |
| Жанина | Рюль | Германия |
| Тобиас | Раффель | Германия |
| Ульрих | Сил | Германия |
| Клаудия | Шафер | Германия |
| Бенжамин | Смале | Германия |
| Рольв | Тьенманн | Германия |
| Маркус | Фогель | Германия |
| Майкл | Вален | Германия |
| Родерич | Вэсманн | Германия |
| Бита | Фаль | Венгрия |
| Петер Шандор | Мереньи-Мецгер | Венгрия |
| Эльза | Шонштайн | Венгрия |
| Георгий | Сабо | Венгрия |
| Беатрикс | Тёльгеси | Венгрия |
| Сандра | Конвей | Ирландия |
| Эмер | Костелло | Ирландия |
| Мария | Кирнан | Ирландия |
| Марк | МакГинти | Ирландия |
| Джералдин | О'Махониу | Ирландия |
| Джералдин | О'Нил | Ирландия |
| Киран | О'Рейли | Ирландия |
| Брендан | О'Ши | Ирландия |
| Ричард | Райт | Ирландия |
| Лука | Монета | Италия |
| Алессия | Паппалардо | Италия |
| Chiara | Штайндлер | Италия |
| Ян | Федотов | Казакстан |
| Антра Маргарита | Тумане | Латвия |
| Ирина | Хохлов | Молдова |
| Миливой | Кривокапич | Монтенегро |
| Боско | Милович | Монтенегро |
| Жан | Ван дер Ховен | Голландия |
| Аннемиеке | Ван дер Плоег | Голландия |
| Леендерт | Ван дер Цван | Голландия |
| Тьицке | Цвервер | Голландия |
| Гуннар | Баустад | Норвегия |
| Ганн | Бенжаминсен | Норвегия |
| Анетта | Фройленд | Норвегия |
| Эрленд | Хволеф | Норвегия |
| Лиза Карина | Якобсен | Норвегия |
| Ода | Лейкволль | Норвегия |
| Магдалена | Голонка | Польша |
| Регина | Юрковский | Польша |
| София | Луткевич | Польша |

| | | |
|---|---|---|
| Барбара | Мровка-Ясиецка | Польша |
| Яцек | Мултановский | Польша |
| Михал | Осташ | Польша |
| Славомир | Шишка | Польша |
| Лаура | Требель-Гняздовска | Польша |
| Педро Мигель | Алвес Кунья да Силва | Португалия |
| Инэс Леонор | Лопес Хорта Пинто | Португалия |
| Максим | Абрамов | Орус Федерациясы |
| Диана | Айнетдинова | Орус Федерациясы |
| Максим | Ананин | Орус Федерациясы |
| Елена | Архипова | Орус Федерациясы |
| Егор | Бабурин | Орус Федерациясы |
| Сергей | Бабуркин | Орус Федерациясы |
| Елена | Баландина | Орус Федерациясы |
| Александр | Белошеев | Орус Федерациясы |
| Елизавета | Борисова | Орус Федерациясы |
| Алексей | Бударев | Орус Федерациясы |
| Борис | Диаконов | Орус Федерациясы |
| Камилия | Джаббарова | Орус Федерациясы |
| Лука | Эзерский | Орус Федерациясы |
| Ариф | Гаджиев | Орус Федерациясы |
| София | Галчина | Орус Федерациясы |
| Игорь | Гладких | Орус Федерациясы |
| Анна | Гожина | Орус Федерациясы |
| Алена | Гудкова | Орус Федерациясы |
| Юлия | Ильичева | Орус Федерациясы |
| Ольга | Карсанова | Орус Федерациясы |
| Алеся | Халяпина | Орус Федерациясы |
| Дарья | Ким | Орус Федерациясы |
| Александр | Кобринский | Орус Федерациясы |
| Александр | Колесник | Орус Федерациясы |
| Алексей | Кошелев | Орус Федерациясы |
| Василий | Коженков | Орус Федерациясы |
| Дмитрий | Ларионов | Орус Федерациясы |
| Евгений | Логинов | Орус Федерациясы |
| Камил | Магомедов | Орус Федерациясы |
| Анна | Макаренкова | Орус Федерациясы |
| Дмитрий | Макаров | Орус Федерациясы |
| Александр | Мусиенко | Орус Федерациясы |
| Евгения | Нефедова | Орус Федерациясы |
| Владислав | Новиков | Орус Федерациясы |
| Татьяна | Осташкова | Орус Федерациясы |
| Андрей | Ostvald | Орус Федерациясы |
| Сергей | Оверченко | Орус Федерациясы |
| Дарья | Пахомова | Орус Федерациясы |
| Всеволод | Перевозчиков | Орус Федерациясы |
| Владимир | Пономарев | Орус Федерациясы |
| Станислав | Притчин | Орус Федерациясы |
| Максим | Саулин | Орус Федерациясы |

| | | |
|---|---|---|
| Юрий | Шаповалов | Орус Федерациясы |
| Святослав | Терентев | Орус Федерациясы |
| Максим | Владимиров | Орус Федерациясы |
| Александр | Владыченко | Орус Федерациясы |
| Павел | Волчихин | Орус Федерациясы |
| Сергей | Зенков | Орус Федерациясы |
| Майя | Балант Слободанюк | Словения |
| Ксения | Скрилек | Словения |
| Альваро | Гомес дел Валле | Испания |
| Элиза Микеле | Мартинес Нуньес | Испания |
| Томас | Паскуаль Руиз | Испания |
| Росио | Висенте Сенра | Испания |
| Линда | Цедерблад | Швеция |
| Линда | Эриксон Бака | Швеция |
| Стиг Ленарт | Гланс | Швеция |
| Корин | Джонсон | Швеция |
| Саша | Альдериси | Швейцария |
| Мишель | Каластри | Швейцария |
| Фабрицио Марио | Командини | Швейцария |
| Мартин | Дамари | Швейцария |
| Roman | Энзлер | Швейцария |
| Йоханна | Эстерман | Швейцария |
| Ферда | Аккерман | Туркия |
| Танер | Арыжан | Туркия |
| Владимир | Овчаренко | Украина |
| Денис | Рыбачок | Украина |
| Дебора | Кук | Улуу Британия |
| Энтони | Кромби | Улуу Британия |
| Кэтрин | Данмор | Улуу Британия |
| Тереза | Этим-Горст | Улуу Британия |
| Наташа | Фокс | Улуу Британия |
| Нирмала | Гопал | Улуу Британия |
| Дженнифер | Ланглейс | Улуу Британия |
| Джулиан | Нунди | Улуу Британия |
| Пол | О'Грэйди | Улуу Британия |
| Александра | Пажевич | Улуу Британия |
| Питер | Палмер | Улуу Британия |
| Тео | Тиндалл | Улуу Британия |
| Джули | Баркер | Америка Кошмо Штаттары |
| Келли | Бидл | Америка Кошмо Штаттары |
| Пол | Бинкли | Америка Кошмо Штаттары |
| Кристофер | Блэр | Америка Кошмо Штаттары |
| Ребекка | Блумфилд | Америка Кошмо Штаттары |
| Гилман | Куда | Америка Кошмо Штаттары |
| Майлс | Дадли | Америка Кошмо Штаттары |
| Бланш | Фавэлл | Америка Кошмо Штаттары |
| Тимоти | Гариль | Америка Кошмо Штаттары |
| Динка | Гюрова | Америка Кошмо Штаттары |
| Крис | Херши | Америка Кошмо Штаттары |

| | | |
|---|---|---|
| Эрнест | Джонс | Америка Кошмо Штаттары |
| Николас | Ла Страда | Америка Кошмо Штаттары |
| Джозеф | Матвеенко | Америка Кошмо Штаттары |
| Пади | МакГвайер | Америка Кошмо Штаттары |
| Гаррет | Монти | Америка Кошмо Штаттары |
| Эйприл | Нойбауэр | Америка Кошмо Штаттары |
| Руби | Норфолк | Америка Кошмо Штаттары |
| Анна | Пеское | Америка Кошмо Штаттары |
| Сара | Пилчик | Америка Кошмо Штаттары |
| Кевин | Реджент | Америка Кошмо Штаттары |
| Брэдли | Рейнольдс | Америка Кошмо Штаттары |
| Кимберли | Шнайдер | Америка Кошмо Штаттары |
| Женевьева | Ши | Америка Кошмо Штаттары |
| Лорен | Скомпински | Америка Кошмо Штаттары |
| Иордания | Смелли | Америка Кошмо Штаттары |
| Харис | Софраджиа | Америка Кошмо Штаттары |
| Патрик | Шпатц | Америка Кошмо Штаттары |
| Джеймс | Стокстилл | Америка Кошмо Штаттары |
| Роки | Сулеман II | Америка Кошмо Штаттары |
| Григорий | Таунсенд | Америка Кошмо Штаттары |
| Брэндон | Урнес | Америка Кошмо Штаттары |
| Дженнифер | Уолстон Миншью | Америка Кошмо Штаттары |
| Фарходжон | Абдукодиров | Өзбекстан |
| Гайрат | Машкуров | Өзбекстан |
| Толибжон | Умаров | Өзбекстан |

**ДИАУБ ШБМдин Негизги командасы**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Одри | Гловер | Миссиянын башчысы | Улуу Британия |
| Анна | Папикян | | Армения |
| Рашад | Ширинов | | Азербайжан |
| Мисо | Имамович | | Босния жана Герцеговина |
| Антон | Томсен | | Дания |
| Джованни | Габасси | | Италия |
| Карло | Паппалардо Фишер | | Италия |
| Рокас | Штабингис | | Литва |
| Джоанна | Поржыньска | | Польша |
| Магдалена | Згжимска | | Польша |
| Светлана | Четайкина | | Орус Федерациясы |
| Руслан | Овездурдыев | | Россия Федерациясы |
| Иван | Годарский | | Словакия |
| Андерс | Эриксон | | Швеция |
| Андреас | Рот | | Швеция |
| Олександр | Стеценко | | Украина |
| Евгения | Замрии | | Украина |
| Полина | Лемос | | Улуу Британия |
| Аусет | Митчелл | | Америка Кошмо Штаттары |

**ДИАУБдун Узак мөөнөттүү байкоочулар**

| | | |
|---|---|---|
| Стефан | Май | Австрия |
| Вафа | Фати-зада | Азербайжан |
| Ивана | Кратка | Чех Республикасы |
| Ян | Удржал | Чех Республикасы |
| Эгбертус | Бом | Дания |
| Пол | Лауритсен | Дания |
| Матти | Хейнонен | Финляндия |
| Петтери | Лонден | Финляндия |
| Родольф | Оберле | Франция |
| Оливье | Полер | Франция |
| Чкадуа | Малхаз | Грузия |
| Максим | Менщенин | Германия |
| Ральф-Майкл | Петерс | Германия |
| Сюзанна | Розмари Грейтер | Германия |
| Франческа | Кальфи Жанкристофаро | Италия |
| Гент | Рамазан | Норвегия |
| Мария | Варсинска-Варси | Норвегия |
| Александр | Бедрицкий | Орус Федерациясы |
| Кристина | Богданова | Орус Федерациясы |
| Андрей | Волков | Орус Федерациясы |
| Марио | Барфус | Швейцария |
| Даниель | Д'Эспосито | Швейцария |
| Мартин | Брукс | Улуу Британия |
| Сандра | Гейл | Улуу Британия |
| Роберт | Мангам | Улуу Британия |
| Шерри | Мерфи | Америка Кошмо Штаттары |
| Кара | Штерн | Америка Кошмо Штаттары |

# ДИАУБ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюро (ДИАУБ) мүчө- мамлекеттерге «адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин толук урматтоону камсыздоого, мыйзам үстөмдүгүн сактоого, демократиялык принциптерди колдоого жана (…) демократиялык институттарды курууга, бекемдөөгө жана коргоого, ошондой эле бүткүл коомдун масштабында көтөрүмдүүлүктү өнүктүрүүгө» көмөк көрсөтүүчү ЕККУнун негизги институту (Хельсинки саммитинин документтери, 1992-жыл). Бул ЕККУнун адамзаттык өлчөмү болуп саналат.

Варшавада (Польша) жайгашкан ЕККУ/ДИАУБ «Эркин шайлоолор боюнча бюро» деген аталыш менен 1990-жылы Париж саммитинде негизделип, өз ишин 1991- жылдын май айында баштаган, бир жыл өткөн соң, Бюронун аталышы, анын мандаты кеңейип, адам укуктарын жана демократияны колдоону камтып калгандыгына байланыштуу, өзгөртүлгөн. Бүгүнкү күндө Бюронун курамында 150дөн ашуун адис бар.

ДИАУБ **шайлоолорго байкоо жүргүзүү** жагынан Европадагы алдыңкы уюм болуп саналат. Жыл сайын бюро ЕККУ регионундагы шайлоо процесстеринин ЕККУнун алдында алынган милдеттенмелерге, демократиялык шайлоо өткөрүү боюнча эл аралык милдеттенмелерге жана стандарттарга, ошондой эле улуттук мыйзамдарга шайкеш келүүсүнө баа берүү үчүн миңдеген байкоочуларды жиберүүнү уюштурат жана координациялайт. Анын уникалдуу усулдары шайлоо жараянынын бардык жагдайлары боюнча тереңдетилген талдоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Көмөк көрсөтүү боюнча долбоорлорду ишке ашыруу аркылуу ДИАУБ мүчө - мамлекеттерге шайлоо инфраструктурасын жакшыртууга жардамдашат.

Бюронун **демократияны колдоо** жаатындагы ишмердиги төмөнкүдөй чөйрөлөрдү камтыйт: мыйзамдын үстөмдүгү, мыйзам чыгарууну колдоо, демократиялык башкаруу, миграция жана орун которуу эркиндиги жана гендердик теңчилдик. Жыл сайын ДИАУБ демократиялык структараларды өнүктүрүү боюнча бир катар максаттуу көмөктөшүү программаларын ишке ашырат.

ДИАУБ, мүчө - мамлекеттерге алар ЕККУнун адамзаттык өлчөм жаатында кабыл алынган **адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин** бекемдөө жана коргоо боюнча алардын милдеттенмелерин аткарууга көмөк көрсөтөт. Буга өнөктөштөрдүн кеңири чөйрөсү менен биргеликте терроризмге каршы күрөшүү шарттарында адам укуктарын сактоо, адамдарды сатуудан жабыр тарткандарды укуктарын коргоого көмөктөшүү, адам укуктары боюнча окутуу жана даярдоо, адам укуктарын сактоого мониторинг жүргүзүү жана отчет түзүү, ошондой эле аялдардын укуктары жана алардын коопсуздугу сыяктуу тематикалык тармактарды камтыган кызматташтыкты бекемдөө, дараметти чыңдоо жана экспертизаларды жасоо боюнча боюнча иш жүргүзүү аркылуу жетишилет.

**Толеранттуулук жана дискриминацияга жол бербөө** боюнча иш-аракеттердин чегинде ДИАУБ мүчө - мамлекеттерге жек көрүүнүн, расизмдин, ксенофобиянын, антисемитизмдин жана көтөрүмсүздүүлүктүн башка формаларынын негизинде жасалган кылмыштарга каршы жооп кайтаруунун натыйжалуулугун жогорулатууда колдоо көрсөтөт. Көтөрүмдүүлүктү жана басмырлабоону камсыз кылуу боюнча ДИАУБдун ишмердиги төмөнкү тармактарга багытталган: мыйзам чыгаруу, тартип коргоо органдарынын кызматкерлери үчүн окутууларды уюштуруу; кылмыштарга жана көтөрүмсүздүүлүктүн көрүнүштөрүнө жооп кайтарууга мониторинг, отчеттуулук жана байкоо жүргүзүү; көтөрүмдүүлүктү, урматтоону жана өз-ара түшүнүүнү жайылтуу боюнча агартуу иш- чаралары.

ДИАУБ мүчө - мамлекеттерге **рома жана синти** элдери боюнча алардын саясат маселелери боюнча консультация берет. Бюро дараметти чыңдоо менен рома жана синти жамааттары менен алакаларды күчөтүүгө жардамдашып, рома жана синти өкүлдөрүнүн саясатты аныктоочу органдардын ишине катышуусуна көмөктөшөт.

ДИАУБдун бардык иш-чаралары ЕККУнун мүчө - мамлекеттери, ЕККУ институттары жанажер-жерлердеги өкүлчүлүктөрү, ошондой эле башка эл аралык уюмдар менен тыгыз координацияда жана кызматташтыкта жүргүзүлөт.

Кошумча маалыматты ДИАУБ сайтынан алууга болот (www.osce.org/odihr).